**2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы Чүй областынын Аламүдүн районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, муниципалдык ишканалардын ишине жана республикалык бюджеттеги айрым мекемелердин бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө**

# ОТЧЕТ

2023-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн буйруктарына ылайык, 2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Аламүдүн районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, муниципалдык ишканалардын ишине жана республикалык бюджеттеги айрым мекемелердин бюджеттеринин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

**Аудит объекттери**

Аудит объектилери болуп Аламүдүн райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Аламүдүн башкармалыгы, Аламүдүн районунун Өнүктүрүү фонду, 17 айыл өкмөттөрү, 17 муниципалдык ишканалар эсептелет.

**Жооптуу тараптардын милдеттери**

Аудит объекттеринин жалпы милдеттерине мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле, ушул аудиттин предметине болгон жоопкерчилик кирет.

**Аудит тобунун милдети**

Биздин милдет, биз жүргүзгөн аудиттин негизинде шайкештик аудит предмети аудиттин тиешелүү критерийлери боюнча өз алдынча корутундуларга келүүдө турат. Аудит өзүнө, биздин корутундуну тастыктаган жетишээрлик, талаптагыдай далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор алдамчылыктын же катачылыктын негизинде жол берилген олуттуу шайкештик эместиктин тобокелдигин баалоону камтыган, аудитордун кесиптик пикирине жараша болот. Биз аткарган аудиттин жол-жоболору, ушул жагдайларга туура келет деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер, ушул отчетто жазылган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн, жетиштүү жана талаптагыдай болуп эсептелет деп болжолдойбуз.

**Предмети**

Аудиттин предмети болуп, жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу процесстеринин, ошондой эле, республикалык бюджеттеги мекемелердин жана муниципалдык ишканалардын мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын талаптарына шайкештиги эсептелет.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Аудиттер шайкештик аудит үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы каралган), ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы № 01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудитинин колдонмосуна жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2016-жылдын 20-декабрындагы №03-7/155 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жана анын аймактык бөлүнүштөрү тарабынан жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча көрсөтмөсүнө ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу

нормаларга ылайык келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштыруу жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача мүнөздөмөсү**

Аудиттерди жүргүзүүнүн негизи болуп, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылга аудитордук иш планы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн буйруктары саналат.

Аудиттер Аламүдүн райондук мамлекеттик администрациясында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Аламүдүн башкармалыгында, Аламүдүн районунун Өнүктүрүү фондунда, 17 айыл өкмөттөрүндө, 17 муниципалдык ишканаларында жүргүзүлгөн.

Аудиттер Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн бекитилген программасына ылайык, аудит объекттеринин кызмат адамдары тарабынан берилген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 29-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, аудитке берилген бухгалтердик документтердин толуктугу жана аныктыгы үчүн документтерди берген кызмат адамдары жоопкерчилик тартат.

**Мурдагы аудиттин сунуштамаларынын аткарылышы**

2021-жылдын 1-январынан тартып 2021-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы Чүй областынын Аламүдүн районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнүн жана аткарылышынын, муниципалдык ишканалардын ишинин жана республикалык бюджеттеги айрым мекемелердин бюджеттеринин аткарылышынын мурдагы аудиттеринде аныкталган:

-финансылык бузуулар – **7 398,2 миң сом**.

-бюджеттин резервдери жана жоготуулары – **12 890,7 миң сом**.

-каражаттарды рационалдуу эмес пайдалануу - **2 804,0 миң сом.**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары Аламүдүн райондук мамлекеттик администрациясынын отурумунда каралган.

Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 4 666,8 миң сом суммасындагы финансылык бузуулардын 3 835,1 миң сому калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген 831,7 миң сом, анын ичинен:

- Төмөнкү-Аларча айыл өкмөтү – 765,1 миң сом (8,0 миң сом киреше салыгы жана 6,4 миң сом өлчөмүндө Социалдык фондго которуулар кармалган эмес, 750,7 миң сом курулуш-монтаждоо иштеринин көлөмдөрүн жогорулатылышы);
- Таш-Дөбө айыл өкмөтү – 7,0 миң сом (негизсиз эсептен чыгарылган);
- Маевка айыл өкмөтү – 59,6 миң сом (курулуш-монтаждоо иштеринин көлөмдөрүн жогорулатылышы).

Аудиттин жыйынтыгы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн отурумунда каралып, коллегиянын чечими менен Аламүдүн райондук мамлекеттик администрациясынын башчысына, Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин Аламүдүн башкармалыгына жана айыл өкмөттөрүнүн башчыларына кетирилген кемчилдиктерди жоюу боюнча жазма буйруктар жөнөтүлгөн.

Аламүдүн райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин Аламүдүн башкармалыгы жана айыл өкмөттөрү тарабынан кетирилген кемчилдиктердин жоюлгандыгы боюнча жооп каттар берилген.

**Аламүдүн районунун 2022-жылга социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү.**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы “2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук Программасы” №435

Жарлыгына ылайык, Аламүдүн районунун мамлекеттик администрациясы, айыл өкмөттөрү жана тийиштүү райондук башкармалыктар, бөлүмдөр, мекеме, ишканалар менен биргеликте райондун кабыл алынган социалдык-экономикалык өнүгүү Программасын аткаруу боюнча иш-чаралардын үстүндө уюштуруучулук жана практикалык иштер жүргүзүлгөн.

Программанын негизги милдеттери болуп төмөндөгүлөр эсептелет:

-бала бакчаларды куруу жана кадрлар менен камсыз кылуу;

-жумушчу орундарды көбөйтүү;

-жеке секторду өнүктүрүү, аларды ар тараптан колдоо;

-айыл-чарба продукцияларынын сапатын жогорулатуу;

-жаңы өндүрүштүк объектилерди ишке киргизүү;

-аймактын инфраструктурасын жакшыртуу.

Аламүдүн районунда өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн көлөмү 2022-жылы 20 082 627,2 миң сомду түзгөн, бул 2021-жылга салыштырмалуу (өндүрүштүн көлөмү 21 620 903,1 миң сомду түзгөн) 93,0% түзөт.

Өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн жалпы көлөмүнүн төмөндөшү "Алтынкен" ЖЧКнын ишмердигинин өндүрүшү менен байланыштуу, мында, 2022-жылы өндүрүштүн деңгээли 2021-жылга салыштырмалуу 89,0% чейин кыскарган. Мындан тышкары, Орловка жылуулук жана суу менен камсыздоо ишканасы (2021-жылдын деңгээлине карата 85,0%), "Суу каналы" муниципалдык ишканасы (94,0%) жана балык өстүрүү жана сатуу боюнча чакан ишканалар (36,0%) продукция өндүрүүнүн көлөмүн төмөндөтүшкөн.

Физикалык көлөмдүн индекси 92,7 процентти түзгөн.

Аламүдүн райондук мамлекеттик администрациясы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ишканалардын, мекемелердин, чарбалардын жетекчилери менен биргеликте инвестицияларды тартуу боюнча тиешелүү иштерди жүргүзүүдө.

2022-жылы капиталдык салымдар 808 835,6 миң сомду түзгөн, бул өткөн жылга салыштырмалуу 108,3% түзгөн, мында капиталдык салымдар 747 018,6 миң сомду түзгөн. Мындан тышкары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан 99 727,3 миң сомго капиталдык жана утурумдук оңдоо иштери жүргүзүлгөн.

Автомобиль транспорту менен жүк ташуулардын көлөмү 2022-жылы 383,1 миң тонна жүктү түзгөн, бул 2021-жылга карата 100,8% (379,9 миң тонна) түзөт.

Жүргүнчүлөрдү ташуучу транспорт менен 3 276,1 миң адам ташылган, бул өткөн жылга салыштырмалуу 108,5% түзгөн (3 018,2 миң адам).

2022-жылы жалпысынан 2 млрд.676 млн. 140 миң сомго айыл чарба продукциясы өндүрүлүп, өсүү темпи 106,0% түзгөн. (2021 – жылы-2 млрд.521 млн. 900 миң сом).

Кемин районунун калкы 48 360 адамды түзөт. Экономикалык жактан активдүү калкы 26 000, иштеген калкы 14 322.

Расмий жумушсуздуктун деңгээли 1,0% түзөт. Эмгекке жарамдуу курактагы ишке тартылбагандардын саны 58 адамды түзөт.

Жыл башынан бери 155 жумушсуз катталган. 2022-жылдын 12 айында Эмгек жана ишке орноштуруу департаменти аркылуу 19 адам жумушка орношууга жиберилген. Коомдук иштерге 35 адам жөнөтүлгөн.

Аламүдүн районунда 12 844 үй-бүлө жашайт (аларда 48 360 адам). 671 үй-бүлөгө социалдык паспорттор толтурулган. Район боюнча жакырчылыктын пайызы 5,6% түзгөн.

Мамлекеттик (үй-бүлөлүк) жөлөкпулдарды алуучулардын саны 63 түзгөн. Жыл башынан бери мамлекеттик жөлөкпулдарды төлөөгө керектелүүчү каражат 5 млн.32, 4 миң сомду түзгөн.

Аламүдүн районунда Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген 1843 адам жашайт. 15 адам социалдык кызматкерлердин көзөмөлүндө.

2022-жылы 74 920,0 миң сом суммасында 4 001 чарчы метрге 35 турак үй пайдаланууга берилген. Бул өткөн жылга салыштырмалуу 126,4% түзгөн. 2 чакан жана орто бизнес ишканалары курулуп, пайдаланууга берилген.

2022-жылы район боюнча 36 долбоорду ишке ашыруу каралган. Каралган 36 долбоордун ичинен 21 долбоор 100 %, 4 долбоор 60-90%, 5 долбоор 30-50% аткарылган.

**2022-жылга жергиликтүү бюджеттин аткарылышы.**

Аламүдүн району боюнча 2022-жылга мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүн аткаруу боюнча, салыктык жана салыктык эмес төлөмдөр боюнча жеткирилген болжол 848 406,0 миң сомду түзгөн, иш жүзүндө түшүүлөр 848 462,9 миң сомду түзгөн, бул жеткирилген болжолго карата 100,0% түзөт же 56,9 миң сомго көп түшкөн (2021-жылы план-божомол боюнча 634 560,8 миң сом каралган, 635 087,0 миң сом түшкөн, аткаруу 100,1% түзгөн).

План-божомол боюнча жергиликтүү бюджетке түшүүлөр 347 794,7 миң сом суммасында каралган, иш жүзүндө 365 526,1 миң сом түшкөн, 105,1% аткарылган, же 17 731,4 миң сомго ашыкча аткарылган (2021-жылы план 330 043,8 миң сомго каралган, иш жүзүндө 349 338,5 миң сом келип түшкөн, 105,8% аткарылган).

2022-жылга салыктык кирешелер планы 77929,5 миң сомго такталган. Жылдын жыйынтыгы менен салыктык кирешелердин түшүшү 82380,0 миң сомду түзүп, планга караганда 4450,5 миң сомго көп болгон же 105,7 %га аткарылып, өсүү темпи 2021-жылга салыштырганда 126,8 % түзгөн.

2022-жылга салыктык эмес кирешелер 43596,1 миң сомго такталган. Жыл ичинде салыктык эмес кирешелер 45239,9 миң сомду түзүп, планга салыштырмалуу 1643,8 миң сомго ашыкча аткарылып, план 103,7% аткарылып, өсүү темпи 2021-жылга салыштырганда 78,3% түзгөн.

Учурдагы аудитте Чүй областынын Аламүдүн районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзулүшүнүн жана аткарылышынын аудиттеринин алкагында: Аламүдүн райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Аламүдүн башкармалыгы, Аламүдүн районунун Өнүктүрүү фонду, 17 айыл өкмөттөрү, 17 муниципалдык ишканалар камтылган.

Чүй областынын Аламүдүн районунда жүргүзүлгөн аудиттерде **56 450,3 миң сом** финансылык бузуулар аныкталган, анын ичинен:

**110105** Бюджеттик мыйзамдын талаптарына бюджет долбоорунун киреше бөлүгүнүн туура келбеши – 5 594,9 миң сом;

**210301** Бюджетке мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү тескөөдөн, мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү пайдалануудан алынган каражаттарды, ошондой эле акы төлөнүүчү мамлекеттик (муниципалдык) кызмат көрсөтүүлөрдөн алынган кирешелерди которбоо (өз убагында же толук эмес которуу) – 164,7 миң сом;

**210302** Бюджеттин кирешесине мажбурлап өндүрүлүүчү суммалардын (айып пулдары, конфискацияларды ж. б.), ошондой эле тиешелүү бюджеттин кирешесине каражаттарды калыбына келтирүүдөн (ордун толтуруудан) алынган суммаларды которбоо (өз убагында эмес же толук эмес которуу) – 174,8 миң сом;

**210305** Бюджетке милдеттүү төлөмдөрдүн чегерилбеши (өз учурунда эмес жана толук эмес чегерүү) – 218,8 миң сом;

**210306** Кайтаруу негизинде алынган бюджеттик каражаттардын кайтарылбашы же өз учурунда кайтарылбашы, кайтаруу негизинде берилген бюджеттик каражаттарды (бюджеттик ссудаларды же насыяны) пайдалангандыгы үчүн кошуп эсептелген пайыздардын чегерилбеши же өз учурунда чегерилбеши – 443,4 миң сом;

**230101** Бюджеттик смета менен каралбаган чыгымдарды төлөө боюнча бюджеттик каражаттарды пайдалануу – 628,5 миң сом;

**230102** Башка булактардын каражаттарынын эсебинен жүргүзүлө турган чыгымдарды төлөө боюнча бюджеттик каражаттарды пайдалануу – 6244,6 миң сом;

**230103** Аларды алуу үчүн укуктук негизгиге ээ эмес адамдарга жөлөкпулдарды, компенсацияларды, субсидияларди, субвенцияларди жана башка акчалай төлөмдөрдү төлөө – 25,0 миң сом;

**230106** Бөлүү шарттары менен каралбаган максаттарга резервдик фонддун каражаттарын пайдалануу – 50,0 миң сом;

**230109** Бирдиктүү казыналык эсептен кыйып өтүү менен каражаттарды пайдалануу – 80,0 миң сом;

**230207** Курулуш-монтаждоо иштеринин наркын же көлөмдөрүнүн жогорулатылышы – 6397,6 миң сом;

**230303** Кызматкерлердин эмгегине төлөө жана акчалай түрдөгү жана башка төлөмдөр боюнча ченемден ашык чыгымдар – 3254,8 миң сом;

**230305** ТМБ жана башка чыгымдар боюнча ченемден ашык чыгымдар – 1752,3 миң сом;

**230306** ТМБ нормативден ашыкча запастары жана эсептөөлөрдөгү каражаттар – 1537,9 миң сом;

**240101** Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттерин аткаруудагы башка бузуулар жана кемчиликтер – 325,6 миң сом;

**310104** Негизги каражаттарды кириштөө тартибин бузуу, негизги каражаттардын эскиришин жана материалдык эмес активдерди эсептөөдөгү бузуулар. Белгиленген тартипте эсепке алынбаган, кириштелбеген мамлекеттик (муниципалдык) мүлктүн болушу – 414,3 миң сом;

**310105** Мамлекеттик (муниципалдык) мүлктүн жана мамлекеттик акча каражаттарынын кем чыгышы (бузулушу, жоголушу, уурдалышы) – 337,0 миң сом;

**410204** Бухгалтердик эсепти жүргүзүү тартибин бузуу менен, отчет берүүгө авансаларды берүү – 2086,9 миң сом;

**410205** Эмгек акыны, командировкалык чыгымдарды, жөлөкпулдарды, компенсацияларды жана башка төлөмдөр менен байланышкан бузуулар – 5629,7 миң сом;

**410215** Дебитордук карызды эсепке алуу боюнча бузуулар - 2636,4 миң сом;

**410301** Эсеп жүргүзүү тартибинин жана отчеттуулуктун башка бузуулары–2628,4 миң сом;

**510103** Мыйзамдардын талаптарына ылайык, конкурс өткөрүлбөстөн, сатып алуулар (товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү) – 15513,7 миң сом;

**510114** Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү жана башка бузуулар – 311,0 миң сом.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгында, төмөнкү жазылган жагдайларды кошпогондо, Чүй областынын Аламүдүн районунун төмөнкү мекемелеринин бюджеттеринин аткарылышы жана муниципалдык ишканалардын иштери, бардык олуттуу аспекттеринде, мыйзамдардын талаптарына шайкеш келгендиги аныкталды.

**Аламүдүн райондук мамлекеттик администрациясы**

2022–жылга чыгымдар сметасы 9 638,4 миң сомго бекитилип, 15 160,2 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 13 686,1 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 13 686,1 миң сомду түзгөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы №767 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө” токтомунун 4 пунктун бузуу менен, пайдалануудагы 2 жеңил автотранспорттордун кыймылдаткычтарынын көлөмдөрү 2700 куб. см ашкан.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк

автотранспортун пайдалануусуну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Алымкулова Ч.

**Аламүдүн районунун Өнүктүрүү фонду**

2022–жылга чыгымдар сметасы 16 320,8 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 20 200,0 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 16 349,8 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 16 349,8 миң сомду түзгөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Бухгалтердик эсептин жүргүзүлүшү "1С-Бухгалтерия" 8.3 программасы менен автоматташтырылган эмес. 2022-жылдары бухгалтердик эсептин иш кагаздары мемориалдык формада жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Бухгалтердик эсеп "1С-Бухгалтерия" 8.3 автоматташтырылган программасында жүргүзүлүүсү камсыз кылынсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Осмонов Ч.

**Аламүдүн айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 102 675,2 миң сомго бекитилген (анын ичинде атайын эсептик каражаттар-7 300,0 миң сом), жыл ичинде такталган план 130 502,9 миң сом, иш жүзүндө 126 995,1 миң сом киреше түшкөн, же план 97,3% аткарылган, же болбосо пландаган кирешеден 3 507,8 миң сомго аз түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы – 2 947,4 миң сом (бюджеттик каражаттар – 2 867,2 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 80,2 миң сом).

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 102 675,2 миң сомго бекитилген жана 130 502,9 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 126 995,1 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү чыгаша 78 815,9 миң сомду түзгөн. Жыл аягындагы акча каражаттардын калдыгы – 73,9 миң сом. (бюджеттик каражаттар – 38,7 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 35,2 миң сом).

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптарын бузуу менен, 2022-жылдын аягына **205,6 миң сомго** отундун нормативден ашыкча запастары эсептелген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары так сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

"Аламүдүн айылындагы "Горький көчөсүндөгү ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн чыгармачылык борборун куруу" объектиси боюнча подрядчы "Сагын-Б" ЖЧКсы тарабынан аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, иштердин көлөмдөрү **759,3 миң сомго** жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган «Аламүдүн айылындагы "Горький көчөсүндөгү ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн чыгармачылык борборун куруу» объектиси боюнча подрядчы "Сагын-Б" ЖЧКсы тарабынан 759,3 миң сомго иштердин жогорулатылган көлөмүн бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн. Түзүлгөн келишимдин шарттарына ылайык, аткарылган жумуштардын көлөмүн жана сапатын тиешелүү дээңгелде

кабыл албагандыгы үчүн техникалык көзөмөлдөө кызматкеринин жоопкерчилиги каралсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган иштердин актылары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу архитектура, курулуш жана турак жай коммуналдык чарба мамлекетик агенттигинин 2017-жылдын 5-декабрындагы №10-ЧУА буйругу менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын аймагында курулуш продукциясынын наркын аныктоо" методикасынын талаптарын бузуу менен түзүлгөн.

Ошондой эле, аткаруу-техникалык документтер жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 10-февралындагы №95 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында курулуш объекттеринин мүнөздөмөлөрүн классификациялоо жана курулуштун объекттерине, кыймылсыз мүлк объекттеринин реконструкциясына жана башка өзгөртүлүштөрүнө мамлекеттик архитектуралык-курулуштук көзөмөл жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Жобосун бузуу менен, курулуштун аяктаган этаптарынын салыштыруу актылары берилген эмес.

**Сунуштама:**

"Аламүдүн айылындагы, Горький көчөсүндөгү ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн чыгармачылык борборун" курууда, долбоордук-сметалык документтер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартиптерине шайкеш келтирилсин.

<u>**Дем берүүчү грант:**</u>

**4.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

«Бөбөк» бала бакчасынын профнастилин, фасадын жана ички бөлмөлөрүн алмаштыруу менен чатырды утурумдук оңдоо» объектиси боюнча подрядчы «Кош Таш» ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштердин актысына 4% бирдиктүү салыкты негизсиз кошулгандыгына байланыштуу, иштердин наркы **83,0 миң сомго** жогорулатылган**.**

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган «Бөбөк» бала бакчасынын профнастилин, фасадын жана ички бөлмөлөрүн алмаштыруу менен чатырды утурумдук оңдоо» объектиси боюнча подрядчы «Кош Таш» ЖЧКсы тарабынан 83,0 миң сомго иштердин жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Мадакеев Т., Кубанычбеков Д., Мусуралиев А.

**Ала-Арча айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 42 055,7 миң сомго бекитилген (анын ичинде атайын эсептик каражаттар-1 020,5 миң сом), жыл ичинде такталган план 61 121,9 миң сом, иш жүзүндө 68 142,4 миң сом киреше түшкөн, же план 111,5% аткарылган, же болбосо пландаган кирешеден 7 020,5 миң сомго көп түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы – 11 710,3 миң сом (бюджеттик каражаттар – 10 506,2 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 1 204,1 миң сом).

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 42 055,7 миң сомго бекитилген жана 61 501,0 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 55 405,4 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү чыгаша 24 852,7 миң сомду түзгөн. Жыл аягындагы акча каражаттардын калдыгы – 22 447,3 миң сом (бюджеттик каражаттар – 20 468,8 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 1 978,5 миң сом).

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылга АЧЖМФ жерлерин жана айыл өкмөтүнө караштуу жерлеринин 381,1 миң сом ижара акысын кошкондо (115,1 миң сом жыл башына дебитордук карызды эске алганда) 496,2 миң сомду түзгөн, Бирок, жогоруда аталган киреше булактары боюнча 2022-жылга такталган план 233,5 миң сомду түзгөн. Башкача айтканда, бул булак боюнча бюджеттик бөлүгүнүн кирешесинин такталган планы **262,7** миң сомго төмөндөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, киреше булактары толук эсепке алынып, кирешелердин пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 «Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө» токтомунун 4-пунктунун талаптарын бузуу менен, депозиттик эсепте 3 жылдан ашык сакталган **443,4** миң сом бар экендиги аныкталган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 «Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө» токтомунун 4-пунктуна ылайык, 2019-жылдын 1-январына карата талап кылынбаган 443,4 миң сом тиешелүү бюджетке которулсун.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча» Жобонун талаптарын бузуу менен, Социалдык фондго төгүмдөрдү эсептөөлөр жана төлөөлөр боюнча **32,0** миң сомго дебитордук карыз бухгалтердик баланс боюнча көрсөтүлгөн эмес, же жашырылган.

**Сунуштама:**

32,0 миң сом суммасындагы аныкталган жашырылган дебитордук карыздар бухгалтердик баланс боюнча калыбына келтирилсин. Мындан ары, дебитордук карыздарды бухгалтердик балanска өз убагында чагылдырууда, Кыргыз Республикасынын «Бухгалтердик эсеп» жөнүндө Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча» Жобонун талаптары так сакталсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы №767 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө» токтомунун талаптарын бузуу менен, айыл өкмөттүн балансында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлөө үчүн нөөмөттүк жеңил автотранспорттун санынын лимиттен ашыкча 1 жеңил автоунаа камтылган.

**Сунуштама:**

Нөөмөттүк автотранспорт каражаттарынын саны, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30–апрелиндеги №240 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун талаптарына шайкеш келтирилсин.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылга жылдык баланстын №22 жана 23-тиркемелеринин негизинде каражаттардын калдыгы (дебитордук карыздын кредитордук карызынан ашканы) **819,9** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, дебитордук карыздар өз убагында эсепке алынсын. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары так сакталсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө баалардын мониторинги тиешелүү деңгээлде өткөрүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын талаптары так сакталсын, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө, баалардын мониторинги тиешелүү деңгээлде өткөрүлсүн.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Чарба багытындагы эмес 100 м2 жерди 2019-жылдын 23-майындагы келишимдин негизинде айыл өкмөтү тарабынан “Нур Телеком” ЖЧКга ижарага берилген. Ижара акысы бир айга жер салыгы менен 8,0 мин сомду түзөт. Бирок “Нур Телеком” ЖЧК тарабынан 2021-2022-жылдарга тиешелүү ижара акысы толугу менен төлөнбөгөндүктөн, бюджеттин жоготуулары **128,0** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

“Нур Телеком” ЖЧКнын эсебинен 128,0 мин сом ижара акыны жергиликтүү бюджетке өндүрүү боюнча тиешелүү иш-чаралар көрүлсүн.

**8. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, иштердин көлөмүнүн **324,3 миң сомго** жогорулатылгандыгы аныкталган, анын ичинен:

- «Аламүдүн районунун Рассвет айылында 900 м. асфальт-бетон төшөө» объектиси боюнча подрядчы «РусӨмүр» ЖЧКсы тарабынан 280,0 миң сомго;
- «Аламүдүн районунун Мраморное айылындагы мектептин чуркоо жолун куруу» объектиси боюнча подрядчы «Универсал Мол сервис» ЖЧКсы тарабынан 44,3 миң сомго.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган иштердин жогорулатылган көлөмүн бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн:

- «Аламүдүн районунун Рассвет айылында 900 м. асфальт-бетон төшөө» объектиси боюнча подрядчы«РусӨмүр» ЖЧКсы тарабынан 280,0 миң сом;
- «Аламүдүн районунун Мраморное айылындагы мектептин чуркоо жолун куруу» объектиси боюнча подрядчы«Универсал Мол сервис» ЖЧКсы тарабынан 44,3 миң сом.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Мейманалиев Дж., Кубанычбеков Д.

**Ак-Дөбө айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 6 205,8 миң сомго бекитилген (анын ичинде атайын эсептик каражаттар – 100,0 миң сом), жыл ичинде такталган план 15 039,2 миң сом, иш жүзүндө 25 361,6 миң сом киреше түшкөн, же план 144,0% аткарылган, же болбосо пландаган кирешеден 4 983,3 миң сомго көп түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы – 3 367,3 миң сом (бюджеттик каражаттар – 3 361,1 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 6,2 миң сом).

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 6 205,8 миң сомго бекитилген жана 13 877,0 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 13 255,0 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 6 831,5 миң сомду түзгөн. Жыл аягындагы акча каражаттардын калдыгы – 6 415,3 миң сом (бюджеттик каражаттар – 6 324,1 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 91,2 миң сом).

**1.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес, айрым ижарачылар менен түзүлгөн келишимдер кыймылсыз мүлктү каттоо органдарынан каттоодон өткөрүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Мындан ары, жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын так аткарылышы камсыз кылынсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган кызматкерлер кабыл алынган, аларга **219,7** миң сом эмгек акы төлөнгөн, анын ичинен Социалдык фондго чегерүүлөр (17,25%) 32,3 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, муниципалдык кызматкерлерди бош кызмат ордуна дайындоодо, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пункту жетекчиликке алынсын.

**3.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылы АЧЖМФ жерлеринин ижара акылары 212,6 миң сомго эсептелген, жыл ичинде жалпы ижара төлөмдөрү 140,6 миң сомду түзгөн, же болбосо 72,0 миң сом ижара акысы өндүрүлгөн эмес. АЧЖМФ жерлеринин ижара акылары боюнча 2022-жылдын аягына карата жалпы карыз калдыгы 224,2 миң сом.

Айыл өкмөттүн карамагындагы 11,1 га сугат жерлерин пайдалануу үчүн 10 келишим түзүлүп, түзүлгөн келишимдердин негизинде 805,4 миң сом ижара акылар эсептелген. Мурдагы карыздар эсепке алынып, жалпы 1 253,8 миң сом төлөнгөн. 2022-жылдын аягына карата сугат жерлери боюнча жалпы карыз калдыгы 1991,7 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

АЧЖМФ жана айыл өкмөттүн карамагындагы жерлердин ижара акылар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен бекитилген «Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө» Типтүү жобонун талаптарын бузуу менен, АЧЖМФ жерлеринин ижарачылары тарабынан убактылуу пайдалануу укугуна күбөлүктөр алынган эмес жана келишимдер тийиштүү мамлекеттик органда катталган эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен бекитилген «Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө» Типтүү жобонун талаптарына ылайык, АЧЖМФ жерлеринин ижарачылары тарабынан убактылуу пайдалануу укугуна күбөлүктөрдү алуу жана келишимдерди тийиштүү мамлекеттик органда каттоодон өткөрүү боюнча зарыл чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Рысалиев А.

**Арашан айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджетинин киреше бөлүгү 8 752,7 миң сомго бекитилген (анын ичинде атайын эсептик каражаттар - 950,0 мин сом) жана 16 313,3 миң сомго такталган, иш жүзүндө түшүүлөр 19 413,7 миң сомду түзгөн, же болбосо пландын аткарылышы 119,0% тузгөн, такталган пландан 3 100,4 миң сомго көп түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы – 478,1 миң сом (бюджеттик каражаттар – 303,0 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 175,1 миң сом).

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 8 752,7 миң сомго бекитилген, такталган план 16 488,4 миң сом, кассалык чыгаша 14 637,3 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 11 414,8 миң сомду түзгөн. Жыл аягындагы акча каражаттардын калдыгы – 5 254,5миң сом (бюджеттик каражаттар – 4 608,9 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 645,6 миң сом).

**1.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары

боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес, айрым ижарачылар менен түзүлгөн келишимдер кыймылсыз мүлктү каттоо органдарынан каттоодон өткөрүлбөгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас облабаттары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Мындан ары, жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын так аткарылышы камсыз кылынсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-6 "Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга карата мамлекеттик программаны (үчүнчү этап) бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптарын бузуу менен, бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун, ошондой эле казналыктын көчүрмөлөрүнүн маалыматтарына ылайык, 2022-жылы айыл өкмөтүнүн кассасына жалпы 1113,8 миң сом накталай түшүп, социалдык жардам төлөөгө жана кызматкерлерге эсеп берме жактарга сарпталган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-6 "Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга карата мамлекеттик программаны (үчүнчү этап) бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптарынын аткарылышы камсыз кылынсын. Накталай акча каражаттарынын сарпталышына жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен бекитилген «Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө» Типтүү Жобонун талаптарын бузуу менен, АЧЖМФ жерлери боюнча берилген маалыматтар боюнча (55,6 га сугат жери) аукцион 2017-жылы беш жылга өткөрүлгөн, б.а. АЧЖМФ жерлерин ижарага берүү мөөнөтү 2021-жылы аяктаган. Бирок, азыркы мезгилге чейин 55,6 га сугат жерлерин ижарага берүү боюнча аукциондор өткөрүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, АЧЖМФ жерлерин ижарага берүүдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен бекитилген «Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө» Типтүү Жобонун талаптары так сакталсын.

АЧЖМФ жерлерин натыйжалуу жана сарамжалдуу пайдалануу максатында, ошондой эле айыл өкмөтүнүн бюджетинин киреше бөлүгүн көбөйтүү үчүн тез арада АЧЖМФ жерлерин ижарага берүү боюнча аукциондор өткөрүлсүн.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30–апрелиндеги №240 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун талаптарын бузуу менен, айыл өкмөттө 2 нөөмөттүк женил автомашина бар же болбосо 1 нөөмөттүк автотранспорт ашыкча кармалган.

Ошондой эле, жогорудагы токтомдун 2 тиркемесинин 4-пунктун бузуу менен, 1984 литр күйүүчү-майлоочу май суммасы **123,0 миң сомго** белгиленген ченемден ашыкча пайдаланылгандыгы аныкталды.

**Сунуштама:**

Нөөмөттүк автотранспорт каражаттарынын саны, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30–апрелиндеги №240 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдалануусун тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун талаптарына шайкеш келтирилсин. Мындан ары, КММнын ченемден ашыкча пайдаланууга жол берилбесин.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө" токтомунун талаптарын бузуу менен, 2022-жылга 72,0 миң сом суммасындагы командировкалык чыгымдар эсепке берилгени аныкталган. Бирок, аудитке кызматкерди иш сапарга жиберүү жөнүндө буйруктар жана **72,0** миң сом суммасындагы иш сапар чыгымдары боюнча аванстык отчеттор берилген эмес.

**Сунуштама:**

Негизсиз эсептен чыгарылган 72,0 миң сомдук командировкалык чыгымдар калыбына келтирилсин. Мындан ары, командировкалык чыгымдарды төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө" токтомунун жана Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча» Жобонун талаптары так сакталсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

"Аламүдүн районунун Арашан айылынын “Арашан” орто мектебинин 2-ашканасынын тамак-аш блогун капиталдык оңдоо" объектиси боюнча подрядчы «ЭСАА групп» ЖЧКсы тарабынан аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, аткарылган иштердин көлөмдөрү **46,2** миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

«Аламүдүн районунун Арашан айылынын “Арашан” орто мектебинин 2-ашканасынын тамак-аш блогун капиталдык оңдоо» объектиси боюнча подрядчы «ЭСАА групп» ЖЧКсы тарабынан 46,2 миң сомго аныкталган иштердин жогорулатылган көлөмүн бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Утурова А., Кубанычбеков Д.

**Байтик айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 22 705,2 миң сомго бекитилген (анын ичинде атайын эсептик каражаттар -1 300,0 миң сом), жыл ичинде такталган план 41 306,4 миң сом, иш жүзүндө 46 247,3 миң сом киреше түшкөн, же план 112,0 % аткарылган, же болбосо пландаган кирешеден 4 940,9 миң сомго көп түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы – 3 156,2 миң сом (бюджеттик каражаттар – 3 024,1 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 132,1 миң сом).

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 22 705,5 миң сомго бекитилген жана 44 313,8 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 40 962,3 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 30 854,6 миң сомду түзгөн. Жыл аягындагы акча каражаттардын калдыгы – 8 548,6 миң сом (бюджеттик каражаттар – 8 523,9 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 24,7 миң сом).

**1.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду.**

2022-жылы айыл өкмөттүн киреше бөлүгүнүн АЧЖМФ жерлеринин ижара акылары 269,1 миң сомго бекитилген жана такталган, 2022-жыл башына карата АЧЖМФ жерлеринин ижара акылар боюнча карыздар 128,7 миң сомду түзгөн, ошондой эле болжолдуу планды тактоо учурунда АЧЖМФ жерлери үчүн 2022-жылы аукцион аркылуу берилген жерлердин суммасы 88,5 миң сом (357,6-269,1) эске алынган эмес. Жыйынтыгында, айыл өкмөттүн бюджетинин 2022-жылдын киреше бөлүгү **217,2** миң сомго азайтылган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, айыл өкмөттүн киреше бөлүгүн түзүүдө, АЧЖМФ жерлери үчүн ижара акысынын карыздары эске алынсын жана бюджеттин киреше булактарынын пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүүгө жол берилбесин.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө кортунду.**

2022-жылдын август айынан баштап тамак-аш жана транспорт чыгымдарын компенсациялоо үчүн, Байтик айыл өкмөтүнүн ар бир муниципалдык аппарат кызматкерлерине 7,0 миң сомдон чегерилип берилген, аудит камтыган мезгил аралыгында 17,0 штаттык бирдикте турган аппарат кызматкерлерине жалпы тамак-аш жана транспорт чыгымдарын компенсациялоо үчүн 557,5 миң сом төлөнүп берилген жана компенсациялоо үчүн эсептөөлөрдөн **54,0 миң сом** (10,0%) киреше салыгы кармалган эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык Байтик айыл өкмөтүнүн бухгалтериясы тарабынан аппарат кызматкерлеринен тамак-аш жана транспорт чыгымдарына компенсациялоо үчүн эсептөөлөрдөн 10,0% киреше салыгы кармалып, тиешелүү кызматкерлерден жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 54,0 миң сом өндүрүлсүн.

**3.Критерийлерди бузуулар жөнүндө кортунду.**

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган кызматкерлер кабыл алынган, аларга **221,2** миң сом эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго чегерүүлөр 32,5 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, муниципалдык кызматкерлерди бош кызмат ордуна дайындоодо, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пункту жетекчиликке алынсын.

**4.Критерийлерди бузуулар жөнүндө кортунду.**

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 37-беренесин бузуу менен, 2022-жылы Байтик айыл өкмөтүнүн башкы адиси С.А.Ашакеева жана аскердик эсеп боюнча инспектор Ш.Ж.Курманованын муниципалдык кызматта туруусунун чектик курагы - 65 жаштан ашканына карабастан иштеп келген жана 2022-жылы жалпы **555,3** миң сом эсептелген, анын ичинен Социалдык фондго чегерүүлөр 81,7 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Муниципалдык кызматта туруусунун чектик курагы бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 37-беренесинин 2-пунктунун 12-подпунктунун талаптары так аткарылсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

"Аламүдүн районунун Байтик айылындагы клубду капиталдык оңдоо" объектиси боюнча подрядчы «Нур-Аббад» ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштердин көлөмдөрү **1433,1** миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

«Аламүдүн районунун Байтик айылындагы клубду капиталдык оңдоо» объектиси боюнча аныкталган подрядчы «Нур-Аббад» ЖЧКсы тарабынан 1433,1 миң сомго иштердин жогорулатылган көлөмүн бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

Түзүлгөн келишимдин шарттарына ылайык, аткарылган жумуштардын көлөмүн жана сапатын тиешелүү дээңгелде кабыл албагандыгы үчүн техникалык көзөмөлдөө кызматкеринин жоопкерчилиги каралсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

"Аламүдүн районунун Кашка-Суу айылында ичүүчү суу менен камсыздоо курулушу" объектиси боюнча подрядчы “Айкуп строй" ЖЧКсы тарабынан суу түтүк линиясын төшөөдө, Кыргыз Республикасынын «Шаар куруу жана архитектура жөнүндө" Мыйзамын бузуу менен, тиешелүү шаар куруу-архитектуралык документтерсиз иштер жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, курулуш-куроо жана оңдоо иштери Кыргыз Республикасынын «Шаар куруу жана архитектура жөнүндө" Мыйзамынын талаптарына ылайык жүргүзүлсүн. Тиешелүү шаар куруу-архитектуралык документтерсиз иштер жүргүзүлгөндүгүнө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

"Аламүдүн районунун Байтик айылындагы “13 га” жаңы конушун электр энергиясы менен камсыздоо" объектиси боюнча подрядчы «Акниет строй компани ЛТД» ЖЧКсы тарабынан курулуш-куроо жана оңдоо иштери жүргүзүлгөн.

Аудиттин жүрүшүндө трансформатордук подстанция электр тармактарына кошула электиги жана түзүлгөн келишимде, башка документтерде бул объектти пайдаланууга берүү жөнүндө пункт каралган эместиги аныкталган, бул тапшырыкчы тарабынан кошумча чыгымдарга алып келген.

**Сунуштама**:

Мындан ары, курулуш кызматтарына келишим түзүүдө, тапшырыкчы өзүнүн мыйзамдуу кызыкчылыктарын жана кошумча чыгымдардын болуу тобокелдиктери эске алынсын.

**<u>Дем берүүчү гранттар:</u>**

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудиттин жүрүшүндө «Кош Таш» ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштердин актысына 4% бирдиктүү салыктын негизсиз кошулгандыгына байланыштуу, иштердин наркы **207,5** миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталган, анын ичинен:

- «Байтик айылынын А. Сүйүнбаева атындагы орто мектепти капиталдык оңдоо» объектиси боюнча 105,6 миң сомго;
- «Маданият үйүнүн экинчи кабатын капиталдык оңдоо» объектиси боюнча 101,9 миң сомго.

**Сунуштама:**

«Кош Таш» ЖЧКсы тарабынан 207,5 миң сомго иштердин жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн, анын ичинде:

- «Байтик айылынын А. Сүйүнбаева атындагы орто мектепти капиталдык оңдоо» объектиси боюнча 105,6 миң сом;
- «Маданият үйүнүн экинчи кабатын капиталдык оңдоо» объектиси боюнча 101,9 миң сом.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Кеңешов Ш., Кубанычбеков Д., Мусуралиев А.

**Васильевка айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 10 893,3 миң сомго бекитилген (анын ичинде атайын эсептик каражаттар-1 300,0 миң сом), жыл ичинде такталган план 19 744,9 миң сом, иш жүзүндө 19 409,1 миң сом киреше түшкөн, же план 98,3% аткарылган, же болбосо пландаган кирешеден 335,8 миң сомго аз түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы – 836,0 миң сом (бюджеттик каражаттар – 336,0 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 500,9 миң сом).

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 10 893,3 миң сомго бекитилген жана 20 581,7 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 20 010,6 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 16 585,1 миң сомду түзгөн. Жыл аягындагы акча каражаттардын калдыгы – 235,4 миң сом (бюджеттик каражаттар – 92,7 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 142,7 миң сом).

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө кортунду.**

Аламүдүн райондук мамлекеттик администрациясынын 2022-жылдын 21-декабрындагы №41 катынын жана 2022-жылдын 23-декабрындагы №53 келишимдин негизинде, айыл өкмөтүнүн балансындагы 396,0 мин сомдук 11 даана компьютер жана 216,7 мин сомдук 11 даана принтер, бардыгы 612,7 мин сомдук оргтехника убактылуу пайдаланууга Аламүдүн райондук мамлекеттик администрациясына берилген.

**Сунуштама**:

612,7 мин сомдук убактылуу пайдаланууга берилген оргтехниканы Аламүдүн райондук администрациясы тарабынан айыл өкмөткө кайтаруу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Дем берүүчү гранттар:**

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудит жүрүшүндө «Васильевка айылындагы даараткананы куруу жана мектептин аймагын көрктөндүрүү» объектиси боюнча, «Кош Таш» ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштердин наркы **1812,8 миң сомго** жогорулатылган.

Мындан тышкары, аудитке жеткирүү менен 1400 м2 өлчөмүндө курулуш материалдарын, тактап айтканда брусчаткаларды өткөрүп берүү актысы жана тастыктоочу документтер берилген эмес. Жеткирүүнү эсепке алганда курулуш материалдар **968,7** миң сомду түзгөн жана аткарылган иштердин актыларына негизсиз киргизилген.

**Сунуштама:**

«Кош Таш» ЖЧКсы тарабынан 2781,5 миң сомго иштердин жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

«Васильевка айылындагы даараткананы куруу жана мектептин аймагын көрктөндүрүү» объектиси боюнча, «Кош Таш» ЖЧКсы менен түзүлгөн келишимдин 2-пунктунун шарттарынын негизинде, курулуш иштерин аяктоо мөөнөтүн аткарбагандыгы үчүн подряддык уюмга ар бир кечиктирилген ай үчүн 5% өлчөмүндө, бирок келишимдин суммасынан 20% ашпаган өлчөмүндө же **174,8** миң сомго үстөк айып эсептелген.

**Сунуштама:**

«Кош Таш» ЖЧКсынан түзүлгөн келишимдин шарттарына ылайык, курулуш иштерин аяктоо мөөнөтүн аткарбагандыгы үчүн эсептелген 174,8 миң сомго үстөк айып өндүрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Абдуллаев Ш., Мусуралиев А.

**Гроздь айыл өкмөтү**

2022-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү 9 762,4 миң сомго бекитилген (анын ичинен атайын эсептеги каражаттар – 814,0 миң сом), 14 625,9 миң сомго такталган, иш жүзүндөгү кирешелер 16 740,1 миң сомду түзгөн, же 114,5% аткарылган, же кирешелер пландалгандан 2 114,2 миң сомго аз түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы – 2 490,1 миң сом (бюджеттик каражаттар – 413,8 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 2 076,3 миң сом).

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 9 762,4 миң сом суммасында бекитилип, 14 800,5 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 14 794,5 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 11 937,4 миң сомду түзгөн. Жыл аягындагы акча каражаттардын калдыгы – 633,1 миң сом (бюджеттик каражаттар – 175,0 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 458,1 миң сом).

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, иштердин көлөмүнүн **241,3** миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталган, анын ичинен:

- «Аламүдүн районунун Гроздь айылындагы бала бакчанын имараттарын капиталдык оңдоо» объектиси боюнча подрядчы “Эл Бай курулуш ЛТД” ЖЧКсы тарабынан 18,5 миң сомго;
- «Аламүдүн районунун Гроздь айыл өкмөтүнүн скважинасын реконструкциялоо» объектиси боюнча подрядчы “ДЕМАОПТОМ" ЖЧКсы тарабынан 179,5 миң сомго;
- «Аламүдүн районунун Гроздь айыл өкмөтүнүн аймагына трансформатор орнотуу» объектиси боюнча подрядчы «Молдоташев М.С.» ЖИ тарабынан 43,3 миң сомго.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган иштердин жогорулатылган көлөмүн бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн:

- «Аламүдүн районунун Гроздь айылындагы бала бакчанын имараттарын капиталдык оңдоо» объектиси боюнча подрядчы “Эл Бай курулуш ЛТД” ЖЧКсы тарабынан 18,5 миң сом;
- «Аламүдүн районунун Гроздь айыл өкмөтүнүн скважинасын реконструкциялоо» объектиси боюнча подрядчы “ДЕМАОПТОМ" ЖЧКсы тарабынан 179,5 миң сом;
- «Аламүдүн районунун Гроздь айыл өкмөтүнүн аймагына трансформатор орнотуу» объектиси боюнча подрядчы «Молдоташев М.С.» ЖИ тарабынан 43,3 миң сом.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Карабаев Ж., Кубанычбеков Д.

**Кара-Жыгач айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 10 501,8 миң сомго бекитилген (анын ичинде атайын эсептик каражаттар-1 550,0 миң сом), жыл ичинде такталган план 17 078,9 миң сом, иш жүзүндө 17 762,8 миң сом киреше түшкөн, же план 104,0% аткарылган, же болбосо пландаган кирешеден 683,9 миң сомго көп түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы – 2 364,4 миң сом (бюджеттик каражаттар – 1 542,9 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 821,5 миң сом).

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 10 501,8 миң сомго бекитилген жана 19 423,1 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 18 956,7 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 13 015,8 миң сомду түзгөн. Жыл аягындагы акча каражаттардын калдыгы – 1 170,5 миң сом (бюджеттик каражаттар – 1 005,2 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 165,3 миң сом).

**1.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун бузуу менен, ашыкча штаттык бирдиктерди жоюу жана жайыт жөнүндө мыйзамдын сакталышы бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн жазма буйругунун толук аткарылышын камсыз кылбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Мындан ары, жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын так аткарылышы камсыз кылынсын.

**2.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин 4-бөлүгүнүн талаптарын бузуу менен, айылдык кенештин 2022-жылдын 16-мартындагы №5, 8-майындагы №2, 25-июлундагы №42, 11-октябрындагы №50 жана №51, 1-ноябрындагы №53, 7-декабрындагы №44 жана 15-декабрындагы №61 токтомдору менен бюджетке өзгөртүүлөр киргизилген.

**Сунуштама**

Мындан ары, жергиликтүү бюджетке толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинде белгиленген мөөнөттөр так сакталсын.

**3.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451 «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө» токтомунун талаптарын бузуу менен, административдик-башкаруу кызматкерлердин штаттык ырааттамасына 1,0 контрактык штаттык бирдик киргизилип (юрист), айына 8,6 миң сом маяна каралган. 2022-жылы **124,2** миң сомго эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго чегерүүлөр 18,3 миң сом.

**Сунуштама**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 «Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” токтомунун талаптары так сакталсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат ордуна кадрлардын резервинде турбаган 1 кызматкер кабыл алынган, ага **232,7** миң сом эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго чегерүүлөр 31,7 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси 1-пункту жетекчиликке алынсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

«Байтур-Билдинг» ЖЧК 2013-жылдын 3-апрелинде түзүлгөн келишим менен ижарага берилген 2,5 га жер, «NEW ТЕКС» ЖЧК ижарага 2018-жылдын 1-июлунда түзүлгөн келишим менен 3,0 га жер, 2018-дылдын 3-августундагы келишим менен «Лан-Шен Бургео сервис» ЖЧК 17,0 га жерлер, Жайыт комитетине караштуу жайыт жерлери болуп эсептелинет жана Кыргыз Республикасынын «Жайыттар жөнүндө» Мыйзамынын 15-беренесинин талаптарын бузуу менен, жайыт жерлер ижарага жана субарендага берилген.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын «Жайыт жөнүндө» Мыйзамынын 15-беренесинде каралган жайыт жерлерди ижарага жана субарендага берүүгө тыюу салынган талаптары так сакталсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө**»** Мыйзамынын талаптарын бузуу менен, конкурс өткөрүлбөстөн, конкурстук документтер электрондук веб-порталда жайгаштырылбастан, **95,0** миң сомго чарбалык баалуулуктар алынган.

**Сунуштама**

Мындан ары, мамлекеттик сатып алууларда конкурстук жол-жоболорду уюштуруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Чымылдаков К.

**«Кара-Жыгач айыл өкмөтүнүн суу түтүктөр жана сугат чарбасы» муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Кара-Жыгач айыл өкмөтү)

2022-жылы 5415,9 мин сом киреше түшкөн, чыгымдар болсо 5136,8 мин сомду түзуп, жылдын жыйынтыгы боюнча 279,1 мин сом киреше табылган.

Бирок, ишкана тарабынан 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча “Бирдиктүү салык декларациясы” тапшырылган, бирок, операциялык ишмердүүлүктүн негизги кирешеси, чыгашалары жана пайда/зыян боюнча 0,0 мин сом, же нөлдүк көрсөткүч менен тапшырылган.

**1.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун бузуу менен, мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболорун так сактоо бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн жазма буйругунун толук аткарылышын камсыз кылбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Мындан ары, жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын так аткарылышы камсыз кылынсын.

**2.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылы 5415,9 мин сом киреше түшкөн, чыгымдар болсо 5136,8 мин сомду түзуп, жылдын жыйынтыгы боюнча 279,1 мин сом таза киреше табышкан.

Бирок ишкана тарабынан 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча "Бирдиктүү салык декларациясы" тапшырылган, бирок, операциялык ишмердүүлүктүн негизги кирешеси, чыгашалары жана пайда/зыян боюнча 0,0 миң сом, же нөлдүк көрсөткүч менен тапшырылган.

**Сунуштама**

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча такталган "Бирдиктүү салык декларациясы" тапшырылсын жана тапшырылгандыгы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнө бир айлык мөөнөттө маалымат берилсин.

Мындан ары, "Бирдиктүү салык декларация" иш жүзүндөгү чыныгы киреше, чыгымдын көрсөткүчтөрү менен байланышып түзүлсүн.

**3.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуу жөнүндө» Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун" Типтүү тартибинин талаптарын бузуу менен, сатып алууларда конкурс өткөрүлбөстөн, конкурстук документтер электрондук веб-порталда жайгаштырылбастан, кассадан эсепке берүү жолу менен жана банк аркылуу суу түтүктөр оңдотулган, КММ, запастык бөлүктөр, шаймандары сатылып алынган, жалпы **1053,4** миң сом сарпталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, сатып алууларда, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун" Типтүү тартибинин талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Чымылдаков К.

**Көк-Жар айыл өкмөтү**

2022-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү 20 509,7 миң сомго бекитилген (анын ичинде атайын эсептик каражаттар-1 270,0 миң сом), 36 214,9 миң сомго такталган, иш жүзүндөгү кирешелер 46 148,0 миң сомду түзгөн, же 127,4% аткарылган, же кирешелер пландалгандан 9 933,1 миң сомго көп түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы – 47 191,9 миң сом (бюджеттик каражаттар – 46 386,5 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 805,4 миң сом).

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 20 509,7 миң сом суммасында бекитилип, 70 178,8 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 52 559,2 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 17 691,7 миң сомду түзгөн. Жыл аягындагы акча каражаттардын калдыгы – 40 780,7 миң сом (бюджеттик каражаттар – 40 178,6 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 602,1 миң сом).

**1.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Көк-Жар айыл өкмөтү 2021-жылы Коңур Осмон көчөсүндөгү суу түтүктөрүн алмаштыруу максатында 2525,1 миң сомдук долбоор даярдап, Аламүдүн районун өнүктүрүү фондунун каражаттарынын эсебинен каржылоо үчүн долбоорлорду тандоо сынагына катышууга долбоордук табыштама берген. Долбоор Аламүдүн районун

өнүктүрүү Фонду тарабынан жактырылып, Аламүдүн районун өнүктүрүү Фонду менен Көк-Жар айыл өкмөтүнүн ортосунда 2021-жылдын 22-ноябрында №30 келишими түзүлгөн. Келишимдин 2.1-пунктуна ылайык Гранттын жалпы суммасы 2033,9 миң сомду түзгөн. Долбоор боюнча, алуучу тарабынан түзүлгөн конкурстук келишимдердин негизинде иштерди (кызмат көрсөтүүлөрдү) аткарууда түзүлгөн сметалык иштер өзгөргөндө Фонд менен макулдашуу боюнча, Фонддун каржылоо көлөмдөрү өзгөртүлүшү мүмкүн жана 3.1-пункттун талаптарын эске алуу менен Фонд ушул Келишиминин шарттарында көрсөтүлгөн мөөнөтүндө жана көлөмүндө, грант алуучуга берүүгө милдеттенет. Көрсөтүлгөн шарттарды бир тараптуу өзгөртүүгө Фонддун укугу жок. Бирок Аламүдүн районун өнүктүрүү Фонду тарабынан 2022-жылы 1000,0 миң сомго гана каржыланган. Аламүдүн районунун өнүктүрүү фонду Аламүдүн районунун айыл өкмөт башчыларына Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан каражат бөлүнбөгөндүгүнө байланыштуу, жеткирүүчүлөрдүн (подрядчылардын) карыздарын жергиликтүү бюджеттин эсебинен жоюу мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу өтүнүчү менен 2022-жылдын 6-июнунда №25 кат жөнөткөн.

Айылдык кеңештин 2022-жылдын 13-октябрындагы №22 токтомуна ылайык, Аламүдүн райондук өнүктүрүү фондунан төлөнүүгө тийиш болгон **1525,1 миң сомду**, айыл өкмөтүнүн бюджеттик эсебинен "Триа кей Джи" ЖЧК подрядчысынын эсебине төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттик жоготууларга жол берилбесин. 1525,1 миң сом суммасында жергиликтүү бюджеттин жоготууларынын ордун толтуруу максатында, Аламүдүн райондук Өнүктүрүү фондуна кайтарма талаптарды (регресс) коюу мүмкүнчүлүгү каралсын.

**2.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, иштердин көлөмүнүн **32,6 миң сомго** жогорулатылгандыгы аныкталган, анын ичинен:

- «Аламүдүн районунун Көк-Жар айылындагы Куйюков көчөсүн капиталдык оңдоо» объектиси боюнча подрядчы “Кыргыз строй сеть" ЖЧКсы тарабынан 15,8 миң сомго;

«Аламүдүн районунун Көк-Жар айылындагы скважинаны тазалоо» объектиси боюнча подрядчы“Север-Бурвод" ЖЧКсы тарабынан 16,8 миң сомго**.**

**Сунуштама**:

Аудитте аныкталган иштердин жогорулатылган көлөмүн бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн:

- «Аламүдүн районунун Көк-Жар айылындагы Куйюков көчөсүн капиталдык оңдоо» объектиси боюнча подряддык уюм “Кыргыз строй сеть" ЖЧКсы тарабынан 15,8 миң сом;
- «Аламүдүн районунун Көк-Жар айылындагы скважинаны тазалоо» объектиси боюнча подрядчы“Север-Бурвод" ЖЧКсы тарабынан 16,8 миң сом.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектордун м.а. Давлетбаев Б., Кубанычбеков Д.

**"Эмгекчил" муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Көк-Жар айыл өкмөтү)

2022-жылга муниципалдык ишкана боюнча жыйымдардан акча каражаттарынын түшүүсү 845,8 миң сомду түзгөн. Кассалык чыгымдар 815,8 миң сомду түзгөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген “Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерден тышкары) бухгалтердик эсепке алуудагы документтерди жүгүртүү жөнүндө” Жобонун талаптарына ылайык, бухгалтердик эсептин зарыл формалары (башкы китеп, ордер журналдары ж. б.) толук көлөмдө жүргүзүлбөйт.

Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамын бузуу менен, Ишкананын эсеп саясаты иштелип чыккан эмес. Бухгалтердик эсептин максаттары үчүн документ жүгүртүү графиги бекитилген эмес. Документтерди өткөрүп берүүнү кабыл алуу жагында ички жоболор иштелип чыккан эмес. Ишкананын эсеби автоматташтырылган эмес, программалык продуктулар колдонулбайт.

**Сунуштама**:

Тез аранын ичинде бухгалтердик эсеп, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерден тышкары) бухгалтердик эсепке алуудагы документтерди жүгүртүү жөнүндө" Жобого ылайык келтирилсин жана автоматташтыруу үчүн иш-чаралар жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектордун м.а. Давлетбаев Б.

**Лебединовка айыл өкмөтү**

2022-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү 156 006,5 миң сомго бекитилген (анын ичинде атайын эсептик каражаттар-1 270,0 миң сом), 212 534,1 миң сомго такталган, иш жүзүндөгү кирешелер 245 300,8 миң сомду түзгөн, же 115,4% аткарылган, же кирешелер пландалгандан 32 766,7 миң сомго көп түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы – 31 482,5 миң сом (бюджеттик каражаттар – 30 300,5 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 1 182,0 миң сом).

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 156 006,5 миң сом суммасында бекитилип, 243 795,2 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 192 242,6 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 78 687,8 миң сомду түзгөн. Жыл аягындагы акча каражаттардын калдыгы – 84 540,7 миң сом (бюджеттик каражаттар – 83 233,6 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 1 307,1 миң сом).

**1.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду*:***

Лебединовка айыл өкмөтүнүн китепкана кызматкерлерине 2022-жылдын декабрь айында аванс катары алдын ала **12,5 миң сом** төлөнүп берилген, бирок жылдын баланстык отчетунун дебитордук карыздар боюнча 32174 «Ички авансыр, төлөмдөр» эсеби боюнча 2022-жылдын 31-декабрына карата бюджеттик эсепте эмгек акы боюнча дебитордук карыз жок.

**Сунуштама:**

Китепканачылар И.Шкуропатова жана В.Г.Пряхиналардан 12,5 миң сом эмгек акысынын эсебинен кармалсын. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча» Жобонун талаптары так сакталсын.

**2.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду*:***

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 37-беренесин бузуу менен, 2022-жылы аскердик эсеп боюнча инспектор Г.Н.Ивановага муниципалдык кызматта туруусунун чектик курагы- 65 жаштан ашканына карабастан, иштеп келет, же 2022-жылы жалпысынан **525,1** миң сом төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго чегерүүлөр 63,6 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, муниципалдык кызматта туруусунун чектик курагы бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 37-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптары так аткарылсын.

**3.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду*:***

2022-жылы аппарат бөлүмү боюнча Социалдык фонд (17,25%) төлөмдөрүнө 1520,3 миң сом чегерүүлүүгө жатат, же болбосо аппарат бөлүмү боюнча Соцфондтук төлөмдөрдөн **32,0 миң сомго** аз чегерилген, жылдын баланстык отчетунун эсеби боюнча 2022-жылдын 31-декабрына карата бюджеттик эсепте Социалдык фонд төлөмдөрү боюнча кредитордук карыз жок.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетине 32,0 мин сом которулсун. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу

боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптарынын так сакталышы камсыздалсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Кеңешов Ш.

**"Лебединовка суу каналы" муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Лебединовка айыл өкмөтү)

«Лебединовка суу канал» муниципалдык ишканасынын киреше бөлүгүнө жалпысынан 16 535,9 миң сом түшкөн, анын ичинен: Лебединовка айыл өкмөтү тарабынан 438,2 миң сомго каржыланган жана ичүүчү суу акысы үчүн 16 097,6 миң сом түшкөн. Ишкананын чыгаша бөлүгү жалпысынан 16 513,1 миң сомго сарпталган

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Эмгек акыларды чегерүүдө төмөнкү бузуулар аныкталды:

- 2022-жылдын 14-апрелинде №8 чыгыштоо кассалык ордер менен жумушчу Т.Тилебалдиевке 12,9 миң сом төлөнүп берилген, бирок эмгек акы китеби боюнча **12,9 миң сом** кармалган эмес;
- 2022-жылдын 5-27-апрелинде №5,15 чыгыштоо кассалык ордерлери менен жумушчу П.Рахметдиновко баардыгы 14,2 миң сом төлөнүп берилген, бирок эмгек акы китеби боюнча **14,2 миң сом** кармалган эмес.

**Сунуштама**:

Жумушчулар Т.Тилебалдиевтен 12,9 миң сом жана П.Рахметдиновтон 14,2 миң сом баардыгы 27,1 миң сом кармалсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Лебединовка айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын 11-ноябрындагы №14-6 токтомунун негизинде 2022-жылдын декабрь айында ишкананын жумушчуларына тамак-аш азыктары үчүн компенсация катары 189,0 миң сом төлөнүп берилген. Бирок, бухгалтерия тарабынан тамак-аш азыктары үчүн компенсациядан **18,9 миң сом** киреше салыгы кармалган эмес.

**Сунуштама:**

Ошондой эле, ишкананын жумушчуларынан тамак-аш чыгымдарын компенсациялоо үчүн эсептелген суммадан 10,0% киреше салыгы кармалып, тиешелүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 18,9 миң сом өндүрүлсүн.

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерден тышкары) бухгалтердик эсепке алуудагы документтерди жүгүртүү жөнүндө" Жобонун талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Кеңешов Ш.

**Ленин айыл өкмөтү**

2022-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү 40 455,0 миң сомго бекитилген (анын ичинде атайын эсептик каражаттар - 3 503,0 миң сом), 58 787,3 миң сомго такталган, иш жүзүндөгү кирешелер 59 469,6 миң сомду түзгөн, же 101,2% аткарылган, же кирешелер пландалгандан 682,3 миң сомго көп түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы – 747,0 миң сом (бюджеттик каражаттар – 504,0 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 243,0 миң сом).

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 40 445,0 миң сом суммасында бекитилип, 59 030,3 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 57 750,4 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 43 141,2 миң сомду түзгөн. Жыл аягындагы акча каражаттардын калдыгы – 2 466,2 миң сом (бюджеттик каражаттар – 1 514,9 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 951,3 миң сом).

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 102-беренесинин 3-бөлүгүн бузуу менен, жергиликтүү бюджет Ленин айылдык кеңешинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №29 токтомунун негизинде 23 күн мурда бекитилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджетти бекитүүдө, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 102-беренесинде белгиленген тиешелүү мөөнөттөр так сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451 «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө» токтомунда каралбаган: айыл-чарба, жерге жайгаштыруу, архивдик документтер, мамлекеттик тил, инжинирингалык кызмат, жалпы 4 бирдиги менен келишимдер түзүлүп, **458,3** миң сом эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго чегерүүлөр 67,4 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 «Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө" токтомунун талаптары так сакталсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылдын 31-декабрына карата түзүлгөн тамак аш азыктары боюнча өз ара эсептешүү актысына ылайык, ЖИ «Ж.Д.Ормонбекова» **474,5** миң сом жана «Калпак» дыйкан чарбасы **110,8** миң сом жыл аягына карыз болуп чыккан, бирок бухгалтердик балансdéfinition аталган дебитордук карыздар көрсөтүлгөн эмес. Аудиттин жүрүшүндө 585,3 миң сомдук дебитордук карыз эсепке алыны п, түздөөчү бухгалтерлик эсеп жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

585,3 миң сом суммасындагы жашырылган дебитордук карыз аудиттин жүрүшүндө бухгалтердик эсеп боюнча калыбына келтирилгендиги эске алынсын. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча» Жобонун талаптарына ылайык, дебитордук карыз балансга өз убагында чагылдырылсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 49-беренесинин 2-пунктун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 27-сентябрындагы №522 "Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө контрактты банктык коштоону жүзөгө ашыруу жөнүндө" токтомдун 2-главасынын 3-бөлүмүнүн 1-пунктун бузуу менен, курулуш иштеринде банктык коштоону колдонуу шарттарын эске албастан, сатып алуу жүргүзүлгөн жана Мыйзамдын 9-беренесинин 6-бөлүгүнүн 21-пунктун бузуу менен, контрактты башкаруу үчүн жоопту адам дайындалган эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамдын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 27-сентябрындагы №522 "Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө контрактты банктык коштоону жүзөгө ашыруу жөнүндө" токтомунун талаптары так сакталсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптарын бузуу менен, 2022-жылдын аягына **334,8** миң сомго көмүрдүн нормативден ашыкча запастары эсептелген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди

каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары так сакталсын.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Электр энергиясынын чыгымдарын Аламүдүн райондук администрациясы аркылуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 11-мартындагы №126 токтомунун негизинде республикалык бюджеттен камсыздаган. Электр энергиясынын бекитилген ченемден ашкан 238,2 миң кВт/саат **603,0 миң сом** чыгымдары жергиликтүү бюджеттен камсыздалган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттик каражаттарды рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында, электр энергиясын пайдаланууга бекитилген ченемдер так сакталсын.

**8. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

АЧЖМФ жерлеринин 8 ижарачысы менен 1329,8 миң сомго келишим түзүлгөнүнө жана өндүрүлбөй калган дебитордук карызы 764,5 миң сомду түзгөнүнө, ижара акынын жалпы эсептөөлөрү 2094,3 миң сом түзгөнүнө карабастан, 2022-жылдагы АЧМФЖ жерлеринин план көрсөткүчү 450,0 миң сомго такталып**,** жалпы киреше планы **1644,3** миң сомго азайтылган**.**

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, киреше булактары толук эсепке алынсын, кирешелердин пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

**9. Критерийлерди бузуулар жөнүндө кортунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесин жана Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесин бузуу менен, жайыт комитетинин кирешесинин 1/3 бөлүгү же **36,7** миң сом жергиликтүү бюджеттин кирешесине которулган эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн жайыт комитети тарабынан алынган кирешенин 1/3 бөлүгүн жергиликтүү бюджеттин кирешесине өз убагында которуу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын «Жайыттар жөнүндө» Мыйзамынын 11-беренесинин талаптарын аткаруу камсыздалсын. Жайыт комитетинен мурда которулбаган 36,7 миң сом өндүрүлсүн.

**10. Критерийлерди бузуулар жөнүндө кортунду:**

"Аламүдүн районунун Ленинское айылынын көрүстөнүнө тосмо орнотуу" объектиси боюнча подрядчы «Жумак групп» ЖЧКсы тарабынан иштердин көлөмдөрү **80,3** миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

«Аламүдүн районунун Ленинское айылынын көрүстөнүнө тосмо орнотуу» объектиси боюнча подрядчы «Жумак групп» ЖЧКсы тарабынан 80,3 миң сомго иштердин жогорулатылган көлөмүн бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Байбосунов С., Кубанычбеков Д.

**“АПОЛИС” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Ленин айыл өкмөтү)

2022-жылдын “Бирдиктүү салык декларация” көрсөткүчтөрү боюнча, операциалык ишмердүүлүктүн негизги кирешеси 6145,0 миң сомго барабар, ал эми операциалык ишмердүүлүктүн дүң төлөөлөрүнүн жыйынтыгы 5987,2 миң сом болуп, дүң пайда 157,9 миң сом табылган.

2022-жылдык өндүрүштүк-финансылык иш жүзүндөгү чыгымдары 5987,2 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жыл боюнча чарбачылык жүргүзгөн абоненттер тууралуу маалыматтар алынып, катталган юридикалык иштеген ашкана жана дүкөндөрдүн тизмеси боюнча эсеп жүргүзүлдү анда 273 соода түйүн, ашканадан жана мекеме ишканадан, жалпы иш жүзүндө

1544,9 миң сом киреше түшүп, кээ бир юридикалык жактар төлөм жүргүзбөй, иш жүзүндө бир жылдык кирешенин жоготуусу **38,1** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, абоненттик маалымат базасына киргизүү үчүн чарба жүргүзүүчү субъекттердин, бюджеттик мекемелердин жана калктын так саны аныкталсын. Абоненттерди (калкты), чарба жүргүзүүчү субъекттерди жана бюджеттик мекемелерди эсепке алуу үчүн компьютердик программаны жаңылоо, төлөмдөрдү кабыл алуу үчүн жабдууларды орнотуу, накталай эмес негизде, компьютердик программанын абоненттик базасын байланыштыруу жана төлөмдөрдү кабыл алуу боюнча чаралар көрүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-6 "Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга карата мамлекеттик программаны (үчүнчү этап) бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптары аткарын бузуу менен, эсептешүүлөр накталай формасында жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-6 "Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга карата мамлекеттик программаны (үчүнчү этап) бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптарын так аткаруу камсыздалсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамынын 15-беренесинин талаптарын бузуу менен Ленин айыл өкмөтүнүн киреше боюнча адиси И.Фоменко муниципалдык ишкананын бухгалтери болуп иштеп, 2022-жылдын 15-сентябрына карата эмгек акысынын жалпы суммасы **77,5** миң сом жана Социалдык фонд төлөмдөрү 11,4 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, мамлекеттик жарандык кызматчылардын муниципалдык кызматта туруусуна жол берилбесин.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана ашык пайызы малекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун" Типтүү тартибин бузуу менен, сатып алуулардын ички тартиби иштелип чыккан эмес жана шарттары бекитилген эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун" Типтүү тартибинин талаптары так сакталсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Автоунааларга жазылуучу жолдомо кагаздар толтурулган, унаалардын спидометрлери иштебегендиктен, сарпталган каражаттын негиздүүлүгүн жана тууралыгын аныктоо мүмкүн болгон жок.

**Сунуштама:**

Мындан ары, күйүүчү майларды чыгыштоодо, Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникациялар Министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген «Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды

чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын» Эрежелеринин талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Байбосунов С.

**Маевка айыл өкмөтү** (2021-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата)

2021-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү 23 827,9 миң сомго бекитилген (анын ичинде атайын эсептик каражаттар - 7 900,0 миң сом), 28 521,0 миң сомго такталган, иш жүзүндөгү кирешелер 33 773,7 миң сомду түзгөн, же 118,4% аткарылган, же кирешелер пландалгандан 5252,7 миң сомго аз түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы – 4 245,7 миң сом (бюджеттик каражаттар – 2 350,5 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 1895,2 миң сом).

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 23 827,9 миң сом суммасында бекитилип, 28 985,7 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 28 985,7 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 22 726,6 миң сомду түзгөн. Жыл аягындагы акча каражаттардын калдыгы – 9 033,7 миң сом (бюджеттик каражаттар – 3 132,2 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 5 901,5 миң сом).

2022-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү 27 688,4 миң сомго бекитилген (анын ичинде атайын эсептик каражаттар -7 900,0 миң сом), 40 364,3 миң сомго такталган, иш жүзүндөгү кирешелер 39 251,8 миң сомду түзгөн, же 97,2% аткарылган, же кирешелер пландалгандан 1 112,5 миң сомго аз түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы – 9 033,8 миң сом (бюджеттик каражаттар – 3 132,2 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 5 901,6 миң сом).

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 27 688,4 миң сом суммасында бекитилип, 42 241,7 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 36 004,6 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 22 726,6 миң сомду түзгөн. Жыл аягындагы акча каражаттардын калдыгы – 12 280,9 миң сом (бюджеттик каражаттар – 10 595,7 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 1 685,2 миң сом).

**1.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес, 129,2 миң сомдук курулуш-монтаждоо иштеринин жогорулатылган көлөмдөрү калыбына келтирилген эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. 129,2 миң сом боюнча аудиттин материалдары Чүй областынын прокуратурасына жиберилгендиги белгиленсин (2024-жылдын 19-январындагы №01-9/21 каты).

Мындан ары, жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынынталаптары так аткарылсын.

**2.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2021-жылдын 1-январына калктуу конуштарда жер ижарасы үчүн акысынын өндүрүлбөй калган суммасы 48,1 миң сомду түзгөн. 2021-жылга ижарачылар менен түзүлгөн келишимдердин негизинде калктуу конуштарда жер ижарасы үчүн акысы 2 086,2 миң сомду түзгөнүнө карабастан, 2021-жылга киреше планы 1 110,0 миң сомго бекитилип жана 1386,8 миң сомго такталган, же болбосо киреше бөлүгү **747,5** миң сомго азайтылган.

2022-жылдын 1-январына калктуу конуштарда жер ижарасы үчүн акысынын өндүрүлбөй калган суммасы 83,3 миң сомду түзгөн. 2022-жылга ижарачылар менен түзүлгөн келишимдердин негизинде, калктуу конуштарда жер ижарасы үчүн акысы 2 241,0 миң сомду түзгөнүнө карабастан, 2022-жылга киреше планы 1 800,0 миң сомго бекитилип

жана такталган, же болбосо киреше бөлүгү **524,3** миң сомго азайтылган. 2023-жылдын 1-январына карата өндүрүлбөй калган ижара акы 136,0 мин сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, киреше булактары толук эсепке алынсын, кирешелердин пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун жана өндүрүлбөй калган ижара акыны өндүрүү боюнча тийиштүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**3.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-6 "Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга карата мамлекеттик программаны (үчүнчү этап) бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптарын бузуу менен, 2021-жыл ичинде бюджеттик жана атайын каражаттын эсебинен 4 865,4 миң сом, 2022-жыл ичинде бюджеттик жана атайын каражаттын эсебинен 3 428,9 миң сом, жалпысы 2021-2022-жылдары банктан 8294,3 накталай акча каражаттары алынган.

**Сунуштама**:

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-6 "Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга карата мамлекеттик программаны (үчүнчү этап) бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптары аткарылсын, чыгымдар накталай эмес төлөм түрүндө жүргүзүлсүн.

**4.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2021-жыл ичинде бухгалтердик маалыматка ылайык, бюджеттик каражаттын эсебинен кассага жалпы кириштелген акча каражатынын суммасы 3 124,1 миң сом, ал эми чыгаша кылынган акча каражаттын суммасы 3 255,9 миң сомду түзгөн же болбосо кассага кириштелген акча каражатынан ашыкча 131,8 миң сом чыгышталган. Ашыкча чыгышталган 131,8 миң сом акча каражатынын 129,2 миң сому атайын каражаттын эсебинен кириштелген, **2,6** миң сом кассада жок акча каражаты болуп саналат.

2021-жыл ичинде бюджеттик каражаттын эсебинен кассага кириштелген нак акча каражаттарды чыгыштоодо **881,2** миң сом максатсыз пайдаланылган, анын ичинен 2721 “Калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпул” беренесинен алынган акча каражатынын 642,9 мин сому 2215 “Дагы башка кызмат көрсөтүүнү алуу” беренесине максатсыз чыгышталган жана 2824 “Резервдик фонд” беренесинен 238,3 миң сом 2215 “Дагы башка кызмат көрсөтүүнү алуу” беренесинен.

2022-жылдын 1-январына карата бюджеттик каражаттын эсебинен кассада накталай акча каражаттын калдыгы болгон эмес, бирок атайын каражаттын эсебинен калган 301,5 мин сом акча каражаты 2022-жылдын башына бюджеттик каражаттын калдыгы катары көрсөтүлүп калган.

Белгилей кетүүчү жагдай 2022-жылдын 1-январына карата 301,5 миң сом калдык бухгалтердик эсепте жана жылдык балансста көрсөтүлгөн эмес.

2022-жыл ичинде бюджеттик каражаттын эсебинен кассага кириштелген нак акча каражаттарды чыгыштоодо **1 085,0 миң сом** максатсыз пайдаланылган, анын ичинен 2721 “Калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпул” беренесинен алынган акча каражынын 612,1 мин сому, 2215 “Дагы башка кызмат көрсөтүүнү алуу” беренесине максатсыз чыгышталган, 2824 “Резервдик фонд” беренесинен 427,9 миң сом 2215 “Дагы башка кызмат көрсөтүүнү алуу” беренесине максатсыз чыгышталган жана 2221 “Мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар” беренесинен 45,0 миң сом 2215 “Дагы башка кызмат көрсөтүүнү алуу” беренесине максатсыз чыгышталган.

Жалпысы бюджеттик каражаттын эсебинен 2021-2022-жылдары максатсыз пайдаланылган акча каражатынын суммасы **1966,2 миң сомду** түзөт.

2021-жылдын 1-январына карата атайын каражаттын эсебинен кассада нак акча каражаттын калдыгы болгон эмес. 2021-жыл ичинде бухгалтердик маалыматка ылайык кассага жалпы кириштелген акча каражаттын суммасы 1 696,3 миң сом. Чыгаша кылынган акча каражаттын суммасы 1 263,0 миң сомду түзгөн. 2021-жылдын 31-декабрына карата

кассадагы акча каражаттын калдыгы отчет боюнча 430,6 миң сомду түзөт. Бирок бухгалтердик маалыматта 2022-жылдын башына кассадагы акча каражаттын калдыгы 301,5 миң сом көрсөтүлгөн, же болбосо 129,1 миң сомго айырма бюджеттик каражаттын кассасынан чыгышталган.

2021-жыл ичинде атайын каражаттын эсебинен кассага кириштелген нак акча каражаттарды чыгыштоодо 765,0 миң сом максатсыз пайдаланылган, анын ичинен 2721 “Калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпул” беренесинен алынган 765,0 мин сому 2215-“Дагы башка кызмат көрсөтүүнү алуу” беренесине чыгышталган.

2022-жылдын 1-январына карата атайын каражаттын эсебинен кассада 301,5 миң сом накталай акча каражаттын калдыгы бюджеттик каражаттын калдыгы катары көрсөтүлгөн. 2022-жыл ичинде бухгалтердик маалыматка ылайык кассага жалпы кириштелген акча каражаттын суммасы 321,0 миң сом. Чыгаша кылынган акча каражаттын суммасы 321,0 миң сомду түзгөн. 2022-жылдын 31-декабрына карата кассадагы акча каражаттын калдыгы калган эмес.

2022-жыл ичинде атайын каражаттын эсебинен кассага кириштелген нак акча каражаттарды чыгыштоодо 220,0 миң сом максатсыз пайдаланылган, анын ичинен 2721 “Калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпул” беренесинен алынган акча каражатынын 220,0 мин сому 2215-“Дагы башка кызмат көрсөтүүнү алуу” беренесине чыгышталган.

Жалпы атайын каражаттын эсебинен 2021-2022-жылдары **985,0** миң сом максатсыз пайдаланылган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы №5-б “Кыргыз Республикасынын бюджеттик классификациясын бекитүү жөнүндө” жана 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча» Жобонун талаптары так сакталсын. Каржы бузууларга жол берген тийиштүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**5.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Маевка айыл өкмөтү тарабынан 2021-жылдын 29-июнундагы №280 төлөө тапшырмасы, Аламүдүн райондук прокуратурасынын 2021-жылдын 29-июнундагы №11-05/21 сунушунун (предписание) негизинде, айыл өкмөтүнүн 2111 “Эмгек маяна” беренесинен (корголгон берене) 560,0 миң сом Чүй областтык прокуратурасынын депозиттик эсебине которулган.

Ошондой эле, 2022-жылдын 26-апрелинде айыл өкмөтү тарабынан “Кызмат Маевка” муниципалдык ишканасына сугат тармактарын ондоо жана тазалоо үчүн 3111 "Имараттар жана курулмалар" беренесинен 400,0 миң сом акча каражаты которулган.

2021-2022-жылдары Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2017-жылдын 21-декабрындагы №161-п “Бюджеттик классификациясын бекитүү жөнүндө” буйругунун талаптарын бузуу менен, **960,0** миң сом которулган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы №5-б буйругу менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын бюджеттик классификациясынын” жана 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча» Жобонун талаптары так сакталсын. Каржы бузууларга жол берген тийиштүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**6.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Банктан 2021-жылдын 18-март айында атайын каражаттын эсебинен 2721 “Калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпул” беренесинен алынган 45,0 миң сом акча каражаты айыл өкмөтүнүн кассасына кириштелбегендиги, же болбосо кассадан **45,0** миң сом накталай акча каражатынын жетишпестиги аныкталган.

**Сунуштама:**

2021-жылдагы кассадан 45,0 миң сом накталай акча каражатынын жетпей калуусу калыбына келтирилсин. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча» Жобонун талаптары так сакталсын. Каржы бузууларга жол берген тийиштүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**7.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүүзү боюнча жобонун" 7-главасынын 289-пунктун бузуу менен, 2021-жылдын ноябрь айында "Кызмат Маевка" муниципиалдык ишканасынан айыл өкмөтүнүн атайын каражат эсебинин кассасына кириштелген 20,0 миң сом акча каражаты жана 2022-жылдын 10-майында Л.Джураевадан, сатылган керебеттер үчүн бюджеттик каражаттын эсебине кассага кириштелген 60,0 миң сом, жалпы **80,0** мин сом банкка төгүлбөстөн, же казына системасынан тышкары чыгышталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча» Жобонун талаптары так сакталсын, муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн бардык кирешелер бюджеттик мекемелердин тийиштүү жеке эсептерине эсептөө үчүн банкка милдеттүү түрдө төгүлсүн.

**8.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Маевка айыл өкмөтү тарабынан 2021-2022-жылдары Чүй областтык прокуратурасынын жана Аламүдүн райондук прокуратурасынын жазма буйруктарынын негизинде Чүй областык прокуратурасынын депозиттик эсебине жалпы 1846,3 миң сом которулган.

**Сунуштама:**

Чүй областык прокуратурасынын депозиттик эсебине которулган 1846,3 миң сом бюджеттик каражатын айыл өкмөтүнүн бюджетине кайтарып алуу боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**9.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2021-жылы эмгек акыны эсептөө китеби толук жүргүзүлбөгөндүгү аныкталды. Тактап айтканда эмгек акыны эсептөө китебине, кызматкерлердин эмгек акысын төлөө ведомосттору негизинде банк аркылуу жеке карточкалык эсебине которулган эмгек акылардын суммасы түшүрүлгөн эмес. Аудит учурунда эмгек акыны эсептөө китебине эмгек акысын төлөө ведомосттору түшүрүлүп, жыйынтыгында 2022-жылдын 31-декабрына карата айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин эмгек акыдан 32,1 миң сом дебитордук карыз жана 15,8 миң сом кредитордук карызы бар болуп чыкты.

Бул карыздар бухгалтердик эсепте, 2021-жылдын жылдык балансында дебитордук жана кредитордук карыз катары көрсөтүлгөн эмес жана чыгаша сметасынын аткарылышы жөнүндө №2 формадагы отчетто чыгышталган же 32,1 миң сом дебитордук жана 15,8 миң кредитордук карыз жашырылган. Бул **32,1 миң сом** дебитордук карыз негизсиз, ашыкча төлөнгөн эмгек акы болуп саналат.

Ошондой эле, 2022-жылдын 31-декабрына карата жылдык баланста эмгек акыдан 33,2 миң сом кредитордук карыз көрсөтүлбөй калган.

2021-жылы Баткен областындагы кыргыз-тажик чек арасындагы чыр-чатактан жабыркагандарга жардам катары Маевка айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин бир күндүк эмгек акысынан деп 3-май 2021-жылы **17,7 миң сом** которулган, бирок кызматкерлердин эмгек акысынан кармалган эмес.

**Сунуштама:**

Эмгек акыдан 2021-жылда ашыкча төлөнгөн 32,1 мин сом жана кызматкерлердин бир күндүк эмгек акысынан 17,7 миң сом которулган, бирок кызматкерлердин эмгек акысынан кармалган эмес, эмгек акы боюнча жалпы 49,8 миң сом ордуна коюлсун.

Мындан ары, кызматкерлердин эмгек акысын төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча» Жобонун талаптары так сакталсын.

**10.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасын Президентинин 2017-жылдын 31-январындагы ПЖ №17 Жарлыгы менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын" Реестрине ылайык, айыл өкмөттүн “социалдык коргоо боюнча жетектөөчү адис жана киреше боюнча адис”, кенже кызмат орду болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 7 беренесинин 3 пунктунун 1-подпунктунун талаптарын бузуу менен, жогоруда көрсөтүлгөн кызматтарда жогорку, же болбосо орто кесиптик билими жок, Штенке С.В. социалдык коргоо боюнча жетектөөчү адис жана Казакова Н.Ш. киреше боюнча адис болуп иштеп келишүүдө.

**Сунуштама**:

Мындан ары, административдик кызмат орундарын ээлөө үчүн билим деңгээлине болгон квалификациялык талаптарды сактоо менен дайындоодо, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 7-беренесинин 3-пункту жетекчиликке алынсын.

**11.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Салык кызматы менен Социалдык фондго чегерүүлөр боюнча 2021-2022-жылдардын башына жана аягына салыштыруу актысы түзүлгөн эмес, натыйжада социалдык фондго чегерүүлөрдөн 2021-жылдын башына 81,0 миң сом дебитордук карыз, 2022-жылдын башына 535,7 миң сом жана 2022-жылдын аягына **601,3** миң сом дебитордук карыз бухгалтердик эсепте, жылдык баланста көрсөтүлбөстөн жашырылган.

Ошондой эле, 2021-жылдын башына киреше салыгынан 53,1 миң сом дебитордук карыз жана 2022-жылдын башына 40,0 миң сом, 2022-жылдын аягына **126,4** миң сом киреше салыгынан дебитордук карыз бухгалтердик эсепте, жылдык баланста көрсөтүлбөстөн жашырылган.

**Сунуштама:**

Маевка айыл өкмөтү менен Аламүдүн райондук салык кызматынын ортосунда эмгек акыдан социалдык фондго чегерүүлөр жана киреше салыгы боюнча салыштыруу актысы түзүлүп, жалпы суммасы 727,7 мин сомдук дебитордук карыздар эсепке алынсын.

Мындан ары, дебитордук карыздар эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча» Жобонун талаптары так сакталсын.

**12.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлар резервинде турбаган 2 кызматкер кабыл алынып, 2022-жыл ичинде **278,5 миң сом** төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго чегерүүлөр 63,6 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгү так жетекчиликке алынсын.

**13.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудит учурунда айыл өкмөтү тарабынан отчет берген адамдар менен эсептешүүнү алып баруу толук жүргүзүлгөн эмес жана бүгүнкү күнгө чейин 2021-жыл ичинде эсепке

берме **1 671,6** мин сом жана 2022-жылы **289,3** миң сом акча каражаттардын авансалык отчеттору тапшырылган эмес, бирок чыгымдар сметасынын аткарылышы боюнча форма №2 жана форма №4 отчетторунда эсептен чыгарылгандыгы аныкталды, анын ичинен бюджеттик каражаттын эсебинен 1147,3 миң сом жана атайын каражаттын эсебинен 813,6 миң сомду түзөт.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча» Жободо көрсөтүлгөн эсеп берме жактар менен эсептешүүнү алып баруу талаптарын бузуу менен, эсеп берме жактарга мурда берилген аванстары тындырылбай туруп жаңы авансттар берилген.

Аудит учурунда эсеп бермеге берилген сумманын ичинен 72,3 миң сом акча каражаты жооптуу адамдар тарабынан накталай түрдө банкка төгүү менен айыл өкмөтүнүн бюджетине өдүрүлгөн.

**Сунуштама:**

Эсеп берме жактарга берилип, бирок авансалык отчеттору тапшырылбаган 1 888,6 мин сом ордуна коюлсун.

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча» Жобонун талаптары так сакталсын.

**14.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын талаптарын бузуу менен, сатып алууда конкурс өткөрбөстөн, конкурстук документтер электрондук веб-порталда жайгаштырылбастан, мамлекеттик сатып алуулар порталында келишимди гана каттоо аркылуу 2021-жылы 6 641,7 миң сомго жана 2022-жылы 1006,6 мин сомго, жалпы **7648,3** мин сомго товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү юридикалык жактардан жана жеке ишкерлерден сатылып алынган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, мамлекеттик сатып алууларда конкурстук жол-жоболорду уюштуруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

**15.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2021-2022-жылдары негизги каражаттарды жана товардык-материалдык баалуулуктарына инвентаризация жүргүзүлгөн эмес жана материалдык жоопкерчиликтүү адамдар менен келишим түзүлгөн эмес.

Маевка айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын 22-ноябрындагы №168 буйругунун негизинде негизги каражаттарды жана товардык-материалдык баалуулуктарына инвентаризация жүргүзүүгө комиссия түзүлүп, инвентаризация жүргүзүлүп баштаган, бирок, аудит учурунда инвентаризация жыйынтыкталган жок.

**Сунуштама:**

Негизги каражаттарды жана товардык-материалдык баалуулуктарга жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгы жөнүндө маалымат 1 айлык мөөнөт ичинде Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнө берилсин.

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча» Жобонун талаптары так сакталсын.

**16.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2021-жылга электр энергиясын пайдалануу боюнча 653,3 миң кВт саат, 1639,8 миң сомго ченем бекитилген, ал эми кассалык чыгаша 2342,7 миң сомду түзүп (1444,7 мин сом бюджет, 898,0 миң сом атайын каражат), ашыкча чыгым **702,9 мин сомду** түзгөн.

2022-жылы электр энергиясынын төлөмдөрүн каржылоо республикалык бюджеттен жүргүзүлгөн. Бирок, ченемден ашыкча чыгым айыл өкмөтүнүн бюджетинин эсебинен **323,4** миң сом төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттик каражаттарды рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында, электр энергиясын пайдаланууга бекитилген ченемдер так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Нуранов М.

**Октябрь айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 8 156,3 миң сом өлчөмүндө бекитилген, жыл ичинде 13 627,3 миң сомго такталган, иш жүзүндө 13 759,3 миң сомго аткарылган, же 101,3% аткарылган, же пландан ашыкча 132,0 миң сом түшкөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 8 156,3 миң сом суммасында бекитилип, 15 772,7 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 14 666,6 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 14 548,5 миң сомду түзгөн. Жыл аягындагы акча каражаттардын калдыгы – 430,8 миң сом (бюджеттик каражаттар – 307,9 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 122,9 миң сом).

**1.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. Мындан ары, жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын так аткарылышы камсыз кылынсын.

**2.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

-2022-жылга муниципалдык менчикте турган жайлардын, имараттардын ижарачылар менен түзүлгөн келишимдердин негизинде ижара акысынын жалпы суммасы 64,2 миң сом, 2022-жылдын 1-январына карата өндүрүлбөгөн ижара акысы 89,4 миң сомду түзгөн. 2022-жылга муниципалдык менчикте турган жайлардын, имараттардын ижара акысынын такталган киреше планы 42,0 миң сомго гана бекитилип, бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы негизсиз түрдө **111,6** миң сомго азайтылган;

-Айыл чарба жерлерин пайдалануу үчүн жер салыгынын карызы 2022-жылдын 1-январына карата 293,2 миң сомду түзгөнүнө карабастан, 2022-жылга айыл чарба жерлерин пайдалануу үчүн жер салыгынын киреше планы 6,6 миң сом такталган, же болбосо киреше бөлүгү **286,6** миң сомго азайтылган;

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, киреше булактары толук эсепке алынсын, кирешелердин пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун жана өндүрүлбөй калган ижара акыны өндүрүү боюнча тийиштүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-6 "Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга карата мамлекеттик программаны (үчүнчү этап) бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптарын бузуу менен, Октябрь айыл өкмөтү "Бюджеттик каражаттарды алуучунун" картасы аркылуу өкүлчүлүк чыгымдар, жөлөк пул жана башка чыгымдарына 1043,6 миң сом банктан накталай акча каражаты алынган.

**Сунуштама**:

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-б "Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга карата мамлекеттик программаны (үчүнчү этап) бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптары аткарылсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, 2022-жылы бош кызмат орундарына кадрлар резервинде турбаган 5 кызматкерлер кабыл алынган, аларга **777,9** миң сом эмгек акы төлөнгөн, анын ичинен социалдык фондко төгүмү 114,4 миң сом.

**Сунуштама**:

Мындан ары, муниципалдык кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пункту жетекчиликке алынсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Атайын каражаттардын чыгаша сметасын аткаруу жөнүндө Форма-4 отчету боюнча бухгалтердик отчеттун туура эмес түзүлүшүнүн себебинен, баланс боюнча "Тамак-аш азыктарын алуу" беренесинин анык чыгымдары (факт) 1311,7 миң сом, бухгалтердик эсептин регистринин маалыматтарына ылайык 1554,7 миң сомду түзгөн, дал келбестик **243,0 миң сом**. Ошондой эле, бухгалтердик баланстын "Запастар жөнүндө" маалыматтар менен жүгүртүү ведомостторунун ортосунда төмөндөгүдөй айырма бар экендиги аныкталган: бухгалтердик баланс боюнча күйүүчү майдын (бензин) калдыгы болгон эмес, аныгында 2022-жылдын 31-декабрына күйүүчү майдын калдыгы 33,6 миң сомду түзгөн, дал келбестик 33,6 миң сом жана таш көмүрдүн калдыгы болгон эмес, аныгында 2022-жылдын 31-декабрына таш көмүрдүн калдыгы 537,9 миң сомду түзгөн, дал келбестик **537,9 миң сом**.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптары так сакталсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Негизги каражаттарды эсепке алуу тартиби бузулуп, тактап айтканда Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчету жүргүүзү боюнча" №137-б буйругунун 6-параграфынын 187-пунктунун талаптарын бузуу менен, 2022-жылы **124,4** миң сомго сатып алынган ашкана жабдуулар жана **287,3** миң сомго компьютердик жабдуулар эсепке алынып, балanska коюлган эмес.

**Сунуштама:**

Аудит учурунда 411,7 мин сомдук негизги каражаттар баланска коюлгандыгы эске алынсын.

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча» Жобонун талаптары так сакталсын.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аламүдүн райондук Өнүктүрүү фонду менен Октябрь айыл өкмөтү Нур-Биримдик жаңы конушуна электр энергиясын тартуу долбооруна гранттык негизде 1923,1 миң сомго 2021-жылдын 19-августунда №30 келишим түзгөн. Аламүдүн райондук Өнүктүрүү фонду 2021-жылы 525,0 миң сом жана 2022-жылы 1000,0 миң сом каржылап, "Транс Энерджи Кей Джи" ЖЧК менен Октябрь айыл өкмөтү 2021-жылдын 19-ноябрында 1923,0 миң сомго келишим түзгөн. 2021-жылдын 22-декабрында жалпы жумуштар аткарылгандыгы боюнча актыга кол коюлуп кабыл алынган. Каржыланбай калган 398,0 миң сом карызды өндүрүү максатында "Транс Энерджи Кей Джи" ЖЧК Октябрь айыл өкмөтүнө 2022-жылдын 23-

июнундагы №22 доомат-кат жөнөтүп, эч кандай жооп болбогондугуна байланыштуу 2022-жылдын 12-июлунда Аламүдүн райондук сотуна кайрылган. Аламүдүн райондук соту 2022-жылдын 18-октябрындагы чечиминин негизинде Октябрь айыл өкмөтүнөн негизги карыз 398,0 миң сом, мамлекеттик пошлина 14,4 миң сом жана "Транс Энерджи Кей Джи" ЖЧК кетирген юридикалык кызмат акы 20,0 миң сом, жалпы сумма **432,4 миң сомду** төлөөгө милдеттендирилген.

Аламүдүн райондук сотунун 2022-жылдын 18-октябрындагы чечиминин негизинде Октябрь айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын 18-ноябрындагы №89008055 төлөө тапшырмасы менен "Транс Энерджи Кей Джи" ЖЧКна 432,4 мин сом которулуп берилген. Бирок, соттун чечимине Октябрь айыл өкмөтү тарабынан апелляциялык тартипте даттанылган эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттик жоготууларга жол берилбесин. 432,4 миң сом суммасында жергиликтүү бюджеттин жоготууларынын ордун толтуруу максатында, Аламүдүн райондук Өнүктүрүү фондуна кайтарма талаптарды (регресс) коюу мүмкүнчүлүгү каралсын.

**8. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

-2022-жылы Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамын бузуу менен, сатып алуулар планында көрсөтүлбөгөн, сатып алууда конкурс өткөрбөстөн, конкурстук документтер электрондук веб-порталда жайгаштырылбастан, сатып алуулардын натыйжалуулугун жана үнөмдүүлүгүн камсыздоо үчүн мониторинг жүргүзүлбөстөн, мамлекеттик сатып алуулар порталында келишимди гана каттоо аркылуу, кыймылсыз мүлктү баалоо боюнча кызмат жеке ишкер К.Д.Товкеевке **96,0 миң сом** жана 55 га жерге долбоорлоо иштери үчүн топографиялык изилдөө кызматтары үчүн **215,0 миң сом** “ГИС Проект” ЖЧК которулуп берилген;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2022-жылдын 17-майындагы №85-П буйругу менен бекитилген “Электрондук мамлекеттик сатып алууларды өткөрүүнүн” Тартибинин 42-пунктунун талаптары так сакталбай, электрондук веб-порталда кулактандырууда сатып ала турган оргтехникалардын фирмалык аталыштарын жайгаштырышкан.

**Сунуштама:**

Мындан ары, мамлекеттик сатып алууларда конкурстук жол-жоболорду уюштуруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

**9. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

-Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен жактырылган «Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу” Типтүү Жобосунун 80-пунктун бузуу менен, ижарачылар менен түзүлгөн келишимдер райондук мамлекеттик кыймылсыз мүлктөрдү каттоо кызматында каттоодон өткөн эмес;

-Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 “Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу” токтомунун 11-пунктун бузуу менен, муниципалдык кыймылсыз мүлктү баалоо боюнча иштер жүргүзүлбөстөн, Октябрь айылдык кеңештин 2022-жылдын 10-февралындагы №31 чечиминин негизинде, Октябрь айыл өкмөтүнүн башчысы С.О.Кабиров 2022-жылдын 1-августунда Октябрь айылынын тургуну Азизов А.Х. менен 1 га жерди ижарага берүү туралуу келишим түзгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен жактырылган «Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу” Типтүү Жобосунун 80-пунктусуна ылайык Фонддун жерлерин ижаралоо келишими кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 "Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу" токтомунун талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Исанов Т.

**"Азат" муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Октябрь айыл өкмөтү)

"2022-жылдын 1-сентябрынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейин кызмат көрсөтүүдөн түшкөн акча каражаты 672,0 миң сомду түзгөн.

2022-жылга чыгымдардын сметасы Ишкананын директору тарабынан бекитилип, айыл өкмөт башчысы менен 2965,8 миң сомго макулдашылган.

Акыркы 4 айдын отчету боюнча 2022-жылы көрсөтүлгөн кызматтарды сатуудан түшкөн киреше 672,0 миң сомду, ал эми чыгашалар 671,3 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

"Азат" муниципалдык ишканасы тарабынан жеке жана юридикалык жактар (абоненнттер) менен кызмат көрсөтүү боюнча келишимдер толук эмес түзүлгөн.

Бекитилген тарифтер тиешелүү эсептөөлөр менен тастыкталган эмес жана ишкананын болжолдонгон чыгымдары менен байланыштырылган эмес.

**Сунуштама:**

Кызматтарды көрсөтүүдө, жеке жана юридикалык жактар (абоненттер) менен келишимдер толук түзүлсүн. Көрсөтүлүүчү кызматтарга жана жумуштарды аткарууга тарифтерди бекитүүдө, негиздөөчү материалдар тиешелүү эсептөөлөр менен тастыкталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-6 "Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга карата мамлекеттик программаны (үчүнчү этап) бекитүү жөнүндө" токтомунун 9-пунктун бузуу менен, калкка көрсөтүлгөн кызматтар үчүн төлөмдөрдү квитанциялардын негизинде накталай түрдө кабыл алат. Ишкананын кассасына келип түшкөн акча каражаттары чарбалык жана өндүрүштүк муктаждыктарга кассадан чыгымдалат (тейлөөчү банк мекемелерине тапшырылбайт).

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-6 "Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга карата мамлекеттик программаны (үчүнчү этап) бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптарын аткаруу камсыз кылынсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 "Менчик женил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн компенсациянын жөнүндө" токтомунун 4-пунктун бузуу менен, жетекчинин буйругусуз жана келишим түзүлбөстөн КММ үчүн 90,8 миң сом төлөнүп берилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 "Менчик женил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө" токтомунун талаптары так сакталсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу" токтомун бузуу менен, ишканада сатып алууларды уюштуруунун жана жүзөгө ашыруунун типтүү тартиби

бекитилген эмес, сатып алынуучу товарлардын, жумуштардын жана кызматтардын пландаштырылган наркын аныктоо үчүн рынокту талдоо жүргүзүү менен, пландаштырылган мезгилге сатып алуулардын планы түзүлгөн эмес. Мындан тышкары, тапшырыкчынын же жогору турган уюмдун веб-сайтына, сатып алууларды жарыялоо жана жүргүзүү үчүн адистештирилген системасына жайгаштырбастан накталай эсептешүүгө **240,8 миң сом** суммасына материалдык-товардык баалуулуктар жана кызмат көрсөтүүлөр сатылып алынган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, сатып алууларды жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген «Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун» Типтүү тартибинин талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Исанов Т.

**Пригород айыл өкмөтү**

2022-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү 35 594,2 миң сомго бекитилген (анын ичинен атайын эсептеги каражаттар – 1 900,0 миң сом), 55 291,5 миң сомго такталган, иш жүзүндөгү кирешелер 71 926,8 миң сомду түзгөн, же 130,0% аткарылган, же кирешелер пландалгандан 16 635,3 миң сомго көп түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы – 11 610,3 миң сом (бюджеттик каражаттар – 11 054,2 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 556,1 миң сом).

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 35 594,2 миң сом суммасында бекитилип, 55 846,3 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 48 948,5 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 29 982,2 миң сомду түзгөн. Жыл аягындагы акча каражаттардын калдыгы – 34 588,6 миң сом (бюджеттик каражаттар – 33 051,9 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 1 536,7 миң сом).

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Пригород айыл өкмөтүндө айыл чарба жерлерине кирбеген (несельхоз.) жерлерди пайдалануу үчүн жана кыймылсыз мүлккө юридикалык жактардан жана жеке жактан түшүүчү жер салыгынын планын 2022–жылга бекитүүдө, Кыргы Республикасынын Бюджеттик кодексинин 102 беренесинин 2,3- бөлүгүнүн талаптарын бузуу менен, -
1-топтогу ишкердик иши үчүн пайдалынбаган (м3 ашык) кыймылсыз мүлккө эсептеги тизме боюнча накталай салыгы 59,9 миң сомду түзсө, такталган планы 30,0 миң сомду түзүп, 29,8 миң сомго кем, 2-топтогу ишкердик иши үчүн пайдалынган кыймылсыз мүлккө эсептеги тизме боюнча накталай салыгы 3004,1 миң сомду түзсө, такталган планы 2689,3 миң сомду түзүп, 314,8 миң сомго кем, айыл чарба жерлерине кирбеген (несельхоз.) жер салыгы планын бекитүүдө, эсептеги тизме боюнча накталай салыгы 1392,9 миң сомду түзсө, такталган планы 1350,0 миң сомду түзүп, 42,9 миң сомго кем жана калктуу конуштарда жер ижарасы үчүн эсептеги тизме боюнча накталай салыгы 1536,2 миң сомду түзсө, такталган планы 1250,0 миң сомду түзүп, 286,2 миң сомго кем бекитилген. Жыйынтыгында, айыл өкмөттүн эсептеги тизме боюнча накталай салыктары **673,8** миң сомго азайтылган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, киреше булактары толук эсепке алынып, кирешелердин пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

**2.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгында каралбаган бир айлык кошумча сый акы **516,6** миң сом эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго төлөмдөр 76,0 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын талаптары так сакталсын.

**3.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

"Теремок" бала-бакчасынын тамак-аш үчүн жеке ишкерлердин счетуна 3318,2 миң сом акча каражаты которулган, 3176,7 миң сомго (тамак–аштын 01.01.2023-ж. калдыгынын учету менен) тамак–аш алынган, айырмасы 292,0 миң сомду түзөт. Жыйынтыгында, 2022–жылы "Теремок" бала–бакчасы тарабынан **292,0** миң сомго тамак-аш кириштелбей калган.

**Сунуштама:**

Аудит учурунда айыл өкмөттүн бюджетине 292,0 миң сомдук тамак–аш өндүрүлүп алынгандыгы эске алынсын. Финансылык тартип бузууларга жол берген "Теремок" бала–бакчасынын жетекчисинин ээлеген кызмат ордуна шайкештиги каралсын.

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча» Жобонун талаптары так сакталсын.

**4.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптарын бузуу менен, көмүрдүн нормативден ашык запастары 190,0 тонна **997,5 миң сомду** түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптары так сакталсын.

**5.Критерийлерди бузуу жөнүндө корутунду.**

Жалпысынан айыл чарба фондусунун жерлери жана чарбачылык эмес жерлери, айыл өкмөткө караштуу жана көлмөлөр боюнча ижарачылардын ижара карызы 31 - декабрга 2022 - жылга 21,2 миң сом түзөт. Ижарачылар менен АЧЖМФ жерлерине түзүлгөн келишимдер райондук мамлекеттик кыймылсыз мүлктөрдү каттоо кызматында каттодон өткөн эмес.

**Сунуштама:**

Түзүлгөн келишимдердин шарттарына ылайык, өз убагында төлөнбөй калган ижара акыларына туум (пеня) айыл өкмөттүн тиешелү кызматкерлер тарабынан эсептелинип өндүрүүгө тийиш. Ижарачылар менен АЧЖМФ жерлерине түзүлгөн келишимдер райондук мамлекеттик кыймылсыз мүлктөрдү каттоо кызматында каттодон өткөрүлсүн.

**6.Критерийлерди бузуу жөнүндө корутунду.**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, иштердин көлөмүнүн **338,6 миң сомго** жогорулатылгандыгы аныкталган, анын ичинен:

- "Аламүдүн районунун Достук айылынын көчөлөрүн капиталдык оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Караван Компани" ЖЧКсы тарабынан 80,0 миң сомго;
- «Аламүдүн районунун Пригородное айылындагы паркты көрктөндүрүү» объектиси боюнча подрядчы "РосРинСтрой" ЖЧКсы тарабынан 258,6 миң сомго.

**Сунуштама**:

Аудитте аныкталган иштердин жогорулатылган көлөмүн бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн:

- «Аламүдүн районунун Достук айылынын көчөлөрүн капиталдык оңдоо» объектиси боюнча подрядчы “Караван Компани” ЖЧКсы тарабынан 80,0 миң сом;
- «Аламүдүн районунун Пригородное айылындагы паркты көрктөндүрүү» объектиси боюнча подрядчы “РосРинСтрой" ЖЧКсы тарабынан 258,6 миң сом**.**

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Омурсаков А., Кубанычбеков Д.

**«Коммунальщик» муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Пригород айыл өкмөтү)

2022 - жылдын жыйынтыгы боюнча салык инспекциясына түзүлгөн “Түшкөн пайда жана зыян жөнүндөгү отчётко” ылайык, иш жүзүндө салык алынуучу өздүк кирешеси 9845,7 миң сомду түзгөн (айыл өкмөттүн берилген каражатты кошпогондо), чыгымдардын өздүк наркы 9845,7 миң сомду түзгөн, жылдын жыйынтыгы боюнча ишканада таза киреше жана чыгаша болгон эмес.

**1.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кызматкерлерге эмгек акыларды төлөөдө **17,7** миң сомго киреше салыгы, **35,3** миң сомго Социалдык фонд төлөмдөрү жана ошондой эле, мекемеден **60,9** миң сомго (17,25%) Социалдык фонд төлөмдөрү кармалган эмес.

**Сунуштама:**

Кызматкерлерден 17,7 миң сомго киреше салыгы, 35,3 миң сомго Социалдык фонд төлөмдөрү кармалып жана ошондой эле мекемеден 60,9 миң сомго (17,25%) Социалдык фонд төлөмдөрү тиешелүү бюджеттердин эсебине өндүрүлсүн.

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптары так сакталсын.

**2.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген «Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун» Типтүү тартибинин талаптарын бузуу менен, конкурс өткөрүлбөстөн, **1742,5** миң сомго товарлар, жумуштар жана кызматтар сатып алынган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген «Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун» Типтүү тартибинин талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Омурсаков А.

**Таш-Дөбө айыл өкмөтү**

2022-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү 26 609,6 миң сомго бекитилген (анын ичинен атайын эсептеги каражаттар – 2 500,0 миң сом), 46 716,5 миң сомго такталган, иш жүзүндөгү кирешелер 45 270,8 миң сомду түзгөн, же 96,9% аткарылган, же кирешелер пландалгандан 1 445,7 миң сомго аз түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы – 5 383,5 миң сом (бюджеттик каражаттар – 4 590,4 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 793,1 миң сом).

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 26 609,6 миң сом суммасында бекитилип, 47 146,6 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 42 833,9 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 27 114,6 миң сомду түзгөн. Жыл аягындагы акча каражаттардын калдыгы – 7 820,4 миң сом (бюджеттик каражаттар – 6 337,9 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 1 482,5 миң сом).

**1.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун, бузуу менен бюджетке толуктоо киргизүү жана 7,0 мин сом ордуна коюу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. Мындан ары, жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын так аткарылышы камсыз кылынсын.

**2.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин 4-бөлүгүнүн талаптарын бузуу менен, 2022-жылдын 12-ноябрындагы айылдык кенештин №35 токтому менен 13000,0 миң сомго, 2022-жылдын 26-декабрындагы №45 токтому менен 4000,0 миң сомго тактоолор киргизилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджетти бекитүүдө, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинде белгиленген мөөнөттөр так сакталсын.

**3.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы №5-б буйругу менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын бюджеттик классификациясынын” талаптарын бузуу менен, 2721 “Социалдык коргоо” беренесинен келишим менен кызмат аткарган жактарга (каттоочуларга) **375,9** мин сомго эмгек акы төлөнүп берилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттик каражаттарды пайдаланууда Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы №5-б буйругу менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын бюджеттик классификациясынын” талаптары так сакталсын.

**4.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, 2022-жылы бош кызмат орундарына кадрлар резервинде турбаган 3 кызматкерлер кабыл алынган, аларга **467,9** миң сом төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго төлөмдөр 80,7 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**:

Мындан ары, муниципалдык кызматкерлерди бош кызмат ордуна дайындоодо, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пункту жетекчиликке алынсын.

**5.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Айыл өкмөттө атайын каражаттар эсебинин киреше бөлүгүн түзгөн таштандыларды чыгаруу үчүн төлөмдөр, таза суу үчүн төлөмдөр боюнча эсеп жүргүзүү, төлөмдөрдүн толук төлөтүү боюнча көзөмөл болгон эмес.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөттө атайын каражаттар эсебинин киреше бөлүгүн түзгөн таштандыларды чыгаруу үчүн төлөмдөр, таза суу үчүн төлөмдөр боюнча эсеп жүргүзүү, төлөмдөрү боюнча эсептерди көзөмөлдөө жоопкерчилик менен жүргүзүлсүн.

**6.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Таш-Дөбө айыл өкмөт карамагындагы айыл ичиндеги жерлер бардыгы 11 га жерге келишимдер түзүлүп ижарага берилген. 2022-жылы жергиликтүү бюджетке 1191,9 миң сом түшкөн. Бирок келишимдер боюнча ижара акысын төлөө боюнча так эсеп жок, эсеп журналдары, реестрлер жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөттүн карамагындагы айыл ичиндеги жерлердин ижара келишимдердин реестри, эсеп журналдары жана эсептешуулор боюнча тиешелүү иш чаралар жүргүзүлсүн.

**7.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

“Таза Таш-Дөбө” муниципалдык ишканасы ачылган, иш жузундо иш алып барган эмес, бирок ишкананын директору, бухгалтери жана кадрлар боюнча адистерге **325,6** миң сом эмгек акы төлөнүп берилген, же максатына жеткен эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, максатына жетпеген, же рационалдуу эмес чыгымдарга жол берилбесин. “Таза Таш-Дөбө” муниципалдык ишканасынын мындан ары ишмердүүлук жүргүзүүсү тез аранын ичинде каралсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Рысалиев А.

**Таш-Мойнок айыл өкмөтү**

2022-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү 20 282,0 миң сомго бекитилген (анын ичинен атайын эсептеги каражаттар – 1 400,0 миң сом), 32 979,8 миң сомго такталган, иш жүзүндөгү кирешелер 44 525,1 миң сомду түзгөн, же 135,0% аткарылган, же кирешелер пландалгандан 11 545,3 миң сомго көп түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы – 2 491,9 миң сом (бюджеттик каражаттар – 2 138,4 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 353,5 миң сом).

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 20 282,0 миң сом суммасында бекитилип, 32 979,8 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 30 379,2 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 23 051,6 миң сомду түзгөн. Жыл аягындагы акча каражаттардын калдыгы – 16 637,8 миң сом (бюджеттик каражаттар – 16 539,8 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 98,0 миң сом).

**1.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, 6 бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган кызматкерлер кабыл алынган, аларга **666,5 миң сом** эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго чегерүүлөр 98,1 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, муниципалдык кызматкерлерди бош кызмат ордуна дайындоодо, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пункту жетекчиликке алынсын.

**2.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Таш-Мойнок айыл өкмөтүнүн 01.01.2022-жылга карата жайыт жерлерин убактылуу пайдаланган үчүн дебитордук карыз суммасы 92,5 миң сомду түзгөн. 2022-жылы 86 жайыт жерлерин убактылуу пайдалануучулары менен жалпы 574,1 миң сомго келишимдер түзүлгөндүгүнө карабастан, такталган план 150,0 миң сом гана бекитилгендиги аныкталган, жайыт жерлеринин убактылуу пайдаланганы үчүн акынын жергиликтүү бюджетке түшүүлөр план тапшырмасы **516,6 миң сомго** азайтылган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, киреше булактарын толук эсепке алынсын, кирешелердин пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Абдыманапов К.

**Төмөнкү-Аларча айыл өкмөтү**

2022-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү 28 132,9 миң сомго бекитилген (анын ичинде атайын эсептик каражаттар - 850,0 миң сом), 33 274,1 миң сомго такталган, иш жүзүндөгү кирешелер 39 218,4 миң сомду түзгөн, же 117,9% аткарылган, же кирешелер пландалгандан 5 944,3 миң сомго көп түшкөн. Жыл башындагы акча каражаттардын калдыгы – 4 669,5 миң сом (бюджеттик каражаттар – 3 615,6 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 1 053,9 миң сом).

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 28 132,9 миң сом суммасында бекитилип, 36 907,5 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 33 241,4 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 28 857,0 миң сомду түзгөн. Жыл аягындагы акча каражаттардын калдыгы – 10 646,5 миң сом (бюджеттик каражаттар – 9 549,4 миң сом, атайын эсептеги каражаттар – 1 097,1 миң сом).

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Айыл өкмөт тарабынан калктуу конуштарда жер ижарасы үчүн акы кирешесине толук талдоо жүргүзүлбөстөн, бюджеттин долбоору жана бюджети 572,2 миң сомго азайтылып бекитилген.

Атап айтканда, калктуу конуштарда жер ижарасы үчүн акы бекитилген планы 260,0 миң сом, ижара келишимдердин жалпы суммасы 832,2 миң сом, же айырмасы **572,2** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, киреше булактары толук эсепке алынып, кирешелердин пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 24-беренесинин талаптарын бузуу менен, “Унаа” мамлекеттик ишканасынын материалдык-техникалык базасын чыңдоого **50,0 миң сом** акча каражаты максатсыз накталай түрдө берилген.

**Сунуштама:**

Максатсыз берилген 50,0 мин сом жооптуу кызмат адамдары тарабынан ордуна коюлсун.

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 24-беренесинин талаптары так сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгын бузуу менен, айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын 23-августундагы №152 буюрмасы менен негизсиз сый акы **253,9** миң сомго төлөнүп берилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгына ылайык иш жүргүзүлсүн.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктунун талаптарын бузуу менен бош кызмат (ваканттык) ордуна милдетин аткаруучу болуп 7 кызматкерлер дайындалып, жана аларга жыл ичинде **777,7 миң сом** эмгек акы төлөнүп берилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, муниципалдык кызматкерлерди бош кызмат ордуна дайындоодо, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пункту жетекчиликке алынсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451 «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү

түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө » токтомун бузуу менен, кошумча 8 кызматкери алынып 1 жылдык чегерүүсү **334,8 миң сомду** түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 «Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” токтомунун талаптары так сакталсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 167-беренесинин талаптарын бузуу менен, эмгек акыга негизсиз **106,3 миң сом** кошуп төлөнгөн.

Атап айтканда, айыл өкмөтү тарабынан тиешелүү буйруктар эмгек акынын ставкасынын (оклад) 50% деп кабыл алынган, бирок иш жүзүндө эсептөөлөр штаттык бирдикте көрсөтүлгөн жалпы эмгек акынын (баардык кошумчалары) 50% төлөнүп берилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 167-беренесинин талаптары так сакталсын.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Төмөнкү-Аларча айыл өкмөтү тарабынан 2022-жылы Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 20-беренесин бузуу менен, «Тазалык Төмөнкү-Аларча» муниципалдык ишканасынын кызматкерлерине **1888,5 миң сом** эмгек акысы төлөнүп берилген.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 15-беренесин бузуу менен, «Тазалык Төмөнкү-Аларча» муниципалдык ишканасында айыл өкмөтүнүн 3 кызматкерине А.Бердибекова, А.Таатканова жана Д.Кокоевалар иштеп **216,9 миң сом** эмгек акысы төлөнгөн.

Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 «Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө токтомун бузуу менен, атайын санэпидемиологиялык кызмат тарабынан тиешелүү изилдөөлөр жүргүзүлбөстөн, **85,9 миң сом** төлөнүп берилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин, «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-августу №474 «Бюджеттик чөйрөнүн кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомуна ылайык иш жүргүзүлсүн.

**8. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-б “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө” буйругун бузуу менен, **409,2 миң сом** акча каражатынын тастыктоочу иш кагаздары (аткарылган иштин актысы, жолдомо баракчалары, эсеп-фактурасы ж.б) жок бухгалтердик эсептен негизсиз чыгарылган.

**Сунуштама:**

Тастыктоочу документтери жок негизсиз чыгышталган 409,2 миң сом ордуна коюлсун.

Мындан ары, бухгалтердик эсепти жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген

«Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча» Жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**9. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Төмөнкү-Аларча айыл өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө” буйругун бузуу менен, **126,0 миң** сом акча каражаты бухгалтердик эсептен негизсиз чыгышталгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча» Жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн. 126,0 миң сом тиешелүү бюджетке өндүрүлсүн. Бухгалтердик эсептен акча каражаттарынын негизсиз чыгымдалышына жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**10.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Товарларды жана кызматтарды сатып алууда Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги № 72 жана 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” Мыйзамдарынын талаптарын бузуу менен, конкурс өткөрүлбөстөн **1792,2 миң сом** сатып алуулар жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товарларды жана кызматтарды сатып алууда Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” Мыйзамынын талаптары так аткарылсын.

**11.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудит учурунда, Төмөнкү-Аларча айыл өкмөтү тарабынан 2022-жылдын 15-апрелиндеги №4 келишими аркылуу «Арт Грин» ЖЧКсынан 4 смарагд туясы баасы-29120 сомго жана 10 спрей розасы, баасы 3920 сомго сатып алынган. Аудитте отуругузулган жерине барып, жолдомо баракчасы менен салыштырууда; смарагд туясынын 4 даанасынан 3 даанасы бар жана спрей розасын 10-даанасынан 5-даанасы бар экендиги аныкталган. Айыл өкмөтү тарабынан отургузуу жана өсүмдүктөрдүн куурап калгандыгы, жөнүндө актылары жок.

Жыйынтыгында **9,2 мин сомдук** өсүмдүктөр (смарагд туясы 1 даана 7280 сомго жана роза спрей 5 даана 1960 сомго) максатына жеткен эмес жана айыл өкмөтүнүн бюджетинин жоготуулары болуп эсептелинет.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын рационалдуу эмес пайдаланылышына жол берилбесин.

**12.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө” Жобонун 6-главасынын 11 “Запастарды эсепке алуу” параграфын бузуу менен, 1427,9 миң сом акча каражатынын аныктоочу иш кагаздары (унаалардын жол баракчалары, берилген кызматкерлердин актылары ж.б) жок, ай сайын эркин түрдө акты түзүү менен бухгалтердик эсептен чыгышталган.

Атап айтканда, АИ-92 күйүүчү майынын 2750 литр 169,9 миң сомго жана ДТ күйүүчү майынын 20128 литр 1258,0 миң сом акча каражатынын аныктоочу иш кагаздары жок эркин түрдө акты түзүү менен бухгалтердик эсептен чыгышталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, КММ чыгыштоо Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу

секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча» Жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**13.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2721 “Социалдык камсыздоо боюнча жөлөкпул” беренесин талдоодо “Нооруз” жана “Эгемендүүлүк күнүн” өткөрүүгө, айыл өкмөтүнүн, “Тазалык Төмөнкү-Аларча” муниципалдык ишкананын, маданият үйүнүн кызматкерлерине күз-кыш мезгилине айыл чарба продукциясын даярдоого, Төмөнкү-Аларча үй-бүлөө дарыгерлер тобуна саламаттык-сактоо күнүн өткөрүүгө, электрондук китеп сатып алууга, финансы-экономикалык күнүнө карата материалдык жардам катары 2022-жылы **628,5 миң сом** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2017-жылдын 21-декабрындагы №161-п буйругу менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын бюджеттик классификациясын” талаптарын бузуу менен, бөлүнүп берилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы №5-б буйругу менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын бюджеттик классификациясынын” жана 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча» Жобонун талаптары так сакталсын.

**14. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Жолдошбек кызы Таалайгүлгө **25,0 миң сом** акча каражаты негизсиз которулуп берилгендиги аныкталган.

Атап айтканда, Жолдошбек кызы Таалайгүлдүн арызы жок жана айыл өкмөтү тарабынан акча которуп берүү жөнүндө буйругу кабыл алынган эмес. Ошондой эле, жогоруда көрсөтүлгөн жаран айыл өкмөтүнүн материалдык жардам алуучулардын тизмегине кирбейт.

**Сунуштама:**

Мындан ары, ченемдик укуктук актылардын негизинде иш алып барылсын жана негизсиз которулган 25,0 миң сом акча каражаты калыбына келтирилсин.

**15. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Айыл өкмөттө бухгалтердик эсеп канааттандырарлык эмес же болбосо Кыргыз Республикасынын «Бухгалтердик эсеп жөнүндө» Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча» жобону талаптарына ылайык жүргүзүлбөйт.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бухгалтердик эсеп Кыргыз Республикасынын «Бухгалтердик эсеп жөнүндө» Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча» Жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**<u>Дем берүүчү гранттар:</u>**

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудиттин жүрүшүндө, «Борду айылындагы спорт комплексинин имаратындагы жылытуу системасын капиталдык оңдоо» объектиси боюнча, «БУБТАМА» ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштердин 2% КНС салыгын туура эмес киргизүүнүн эсебинен **69,9 миң сомго** иштердин наркы жогорулатылганы аныкталган.

2024-жылдын 1-январына карата айыл өкмөт тарабынан "БУБТАМА" ЖЧКсынын алдында 102,8 миң сомго кредитордук карызы бар.

**Сунуштама:**

«БУБТАМА» ЖЧКсы тарабынан 69,9 миң сомго иштердин жогорулатылган наркы бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**"Тазалык Төмөнкү Аларча" муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Төмөнкү-Аларча айыл өкмөтү)

2022-жылга жалпысынан 2761,5 миң сом киреше түшкөн, анын ичинен Төмөнкү-Аларча айыл өкмөтүнөн субсидия түрүндө 1840,5 миң сом, муниципалдык тапшырык катары кызмат көрсөтүүлор үчүн 617,2 миң сом жана таштанды чыгаруу үчүн калктан 303,8 миң сом чогулган.

Ишкананын жалпы чыгашалары 2022-жылы 2261,6 миң сомду түзгөн. 2022-жылды "Тазалык Төмөнкү Аларча" муниципалдык ишканасы 499,2 мин сом киреше менен аяктаган.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген «Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун» Типтүү тартибин бузуу менен, 2022-жылы "Тазалык Төмөнкү-Аларча" муниципалдык ишканасы конкурстук жол-жоболорду өткөрбөстөн, эсеп бермеге каражаттарды берүү жолу менен **1981,5** миң сомго жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алышкан.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген «Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун» Типтүү тартибине ылайык, сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун тартиби иштелип чыксын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Утурова А.

**“Суу түтүктөр чарбасы” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Төмөнкү-Аларча айыл өкмөтү)

Иш жүзүндө түшкөн киреше 3146,0 миң сом, айыл өкмөтүнөн 942,2 миң сом суммасындагы акча каражаты бөлүнүп, жалпы келип түшкөн акча каражаты 4088,2 миң сом, сатуу боюнча чыгашасы – 2545,7 миң сом, жалпы административдик чыгашасы – 1699,4 миң сомду, зыян - 156,9 миң сом.

Бирок, 2022-жылга карата «Суу түтүктөр чарбасы» МИ ишинин жыйынтыгы боюнча бирдиктүү салык декларациясына ылайык, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатуудан түшкөн жалпы киреше - 2283,5 миң сом.

Аудит белгиленгендей, берилген баштапкы эсепке алуу документтеринин негизинде «Суу чарба» ишканасынын 2022-жылга карата кирешеси бирдиктүү салык декларациясында чагылдырылган негизги жана негизги эмес ишмердүүлүктөн алынган кирешелерден айырмасы 1804,7 миң сомго көбүрөөк экени аныкталган.

**1.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын **«**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамын бузуу менен Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы жургузгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча жиберилген жазма буйругу толук эмес аткарылган.

**Сунуштама:**

Мурдагы аудиттин жыйынтыгында аныкталган мыйзам бузууларды четтетүү боюнча чараларды көрбөгөн кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

Мындан ары, жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын так аткарылышы камсыз кылынсын.

**2.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерден тышкары) бухгалтердик эсепке алуудагы документтерди жүгүртүү жөнүндө" Жобонун талаптарын бузуу менен, 2022-жылга карата бирдиктүү салык декларациясында **1804,7 миң сом** өлчөмүндө кирешелер көрсөтүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

2022-жылга карата ишинин жыйынтыгы боюнча ишкананын кирешесине баланстын маалыматтары боюнча бирдиктүү салык декларациясына тактоо киргизилсин жана аймактык бөлүмгө көчүрмөсү берилсин.

**3.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

«CELL» (калк) абоненттерин эсепке алуу үчүн компьютердик программасы эскирген, абоненттерди каттоо үчүн иштелип чыккан компьютердик программанын жоктугунан, ошондой эле, төлөм терминалдарын колдонуу менен төлөмдөрдү кабыл алуу үчүн программалык-аппараттык түзүлүштүн жоктугунан улам калктын дебитордук карыздары боюнча эсептердин ишенимдүүлүгүнө, ошондой эле, ишкананын калк алдындагы кредитордук карызына аудит жүргүзүү мүмкүн болгон жок.

**Сунуштама:**

Калкты ичүүчү суу менен камсыздоо боюнча абоненттик маалымат базасына киргизүү үчүн калктын так саны аныкталсын. Абоненттерди (калкты), чарба жүргүзүүчү субъекттерди жана бюджеттик мекемелерди эсепке алуу үчүн компьютердик программаны жаңылоо, төлөмдөрдү кабыл алуу үчүн жабдууларды орнотуу, накталай эмес негизде, компьютердик программанын абоненттик базасын байланыштыруу жана төлөмдөрдү кабыл алуу боюнча чаралар көрүлсүн.

**4.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген «Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун» Типтүү тартибинин талаптарын бузуу менен, конкурс өткөрбөстөн **960,0 миң сомго** товардык-материалдык баалуулуктар, жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр сатылып алынган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген «Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун» Типтүү тартибине ылайык сатып алуулардын тартиби иштелип чыгып, бекитилсин.

**5.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерден тышкары) бухгалтердик эсепке алуудагы документтерди жүгүртүү жөнүндө" Жобонун талаптары бузулган.

**Сунуштама:**

Бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерден тышкары) бухгалтердик эсепке алуудагы документтерди жүгүртүү жөнүндө" Жобонун талаптарына ылайык келтирилсин.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Атагельдинова Г.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгында, Чүй областынын Аламүдүн районунун төмөнкү мекемелеринин бюджеттердин аткарылышы жана муниципалдык ишканалардын иштери, бардык маанилүү аспекттеринде, мыйзам талаптарына (белгиленген аудиттин критерийлерине) шайкеш келгендиги аныкталды.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Аламүдүн башкармалыгы**

2022–жылга чыгымдар сметасы 5 237,9 миң сомго бекитилип, 6 812,3 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 5 073,32 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 4 929,4 миң сомду түзгөн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Алымкулова Ч.

**"Мээнет-Аламудун" муниципалдык ишканасы** (уюштуручуусу Аламүдүн айыл өкмөтү)

2022-жылы катуу таштандыларды ташып чыгууда 6 750,3 миң сом киреше түшкөн, чыгымдар бөлүгү 7 059,5 миң сомду түзгөн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Мадакеев Т.

**"Сантех-Сервис-Аламудун" коммуналдык муниципалдык ишканасы** (уюштуручуусу Аламүдүн айыл өкмөтү)

2022-жылы канализациялык чийимдерди өткөрүү боюнча курулуш-монтаждык иштерди жүргүзүүдө жана канализациялык түтүктөрдү тейлөөдө жалпысынан 13 901,4 миң сом киреше түшкөн, чыгымдар бөлүгү 15732,6 миң сомду түзгөн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Мадакеев Т.

**"Муницстрой" муниципалдык ишканасы** (уюштуручуусу Аламүдүн айыл өкмөтү)

2022-жылы жолдорду ондоп түздөөдөн жалпы 16 206,5 миң сом киреше түшкөн, чыгымдар бөлүгү 18 978,7 миң сомду түзгөн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Мадакеев Т.

**"Шоола-Аламудун" коммуналдык муниципалдык ишканасы** (уюштуручуусу Аламүдүн айыл өкмөтү)

2022-жылы канализациялык чийимдерди өткөрүү боюнча курулуш-монтаждык иштерди жүргүзүүдө жана канализациялык түтүктөрдү тейлөөдө жалпысынан 13 901,4 миң сом киреше түшкөн, чыгымдар бөлүгү 30 480,0 миң сомду түзгөн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Мадакеев Т.

**"Аламудун Авто-Транс"муниципалдык ишканасы** (уюштуручуусу Аламүдүн айыл өкмөтү)

2022-жылы жүргүгчүлөрдү тейлөөдөн жана айыл өкмөттөн түшкөн акча каражаттардан жалпы 5 772,8 миң сом киреше түшкөн, чыгымдар бөлүгү 5 672,9 миң сомду түзгөн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Мадакеев Т.

**"Ынтымак Гроздь" муниципалдык ишканасы (**уюштуруучусу Гроздь айыл өкмөтү)

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча түзүлгөн "Бирдиктүү салык декларациясында" көрсөтүлгөндөй иш жүзүндө киреше 1598,7 мин сомду түзгөн, чыгымдардын өздүк наркы (себестоимость) 1598,7 миң сомду түзгөн, жылдын жыйынтыгы боюнча ишкана зыян жана пайдасы жок чыккан.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Карабаев Ж.

**“Лебединовка КомТранс” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Лебединовка айыл өкмөтү)

«Лебединовка КомТранс» муниципалдык ишканасынын киреше бөлүгүнө жалпысынан 14 644,2 миң сом түшкөн, анын ичинен: Лебединовка айыл өкмөтү тарабынан 7710,6 миң сомго каржыланган жана таштанды чыгаруу үчүн 6349,4 миң сом түшкөн. Ишкананын чыгаша бөлүгү жалпысынан 14 412,5 миң сомго сарпталган.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Кеңешов Ш.

**“Васильевка айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү комбинаты” муниципалдык ишканасы** (уюштуручуусу Васильевка айыл өкмөтү)

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча түзүлгөн “Бирдиктүү салык декларациясында” көрсөтүлгөндөй иш жүзүндө киреше 630,1 мин сомду түзгөн, чыгымдардын өздүк наркы 858,0 миң сомду түзгөн, жылдын жыйынтыгы боюнча ишкана 227,9 миң сомго зыян (убыток) менен чыккан.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Абдуллаев Ш.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын**
**Бишкек шаары,Чүй жана**
**Талас областтары боюнча**
**аймактык бөлүмүнүн жетекчиси** **М.М. Калмуратов**

Аткарган: мамлекеттик инспектор Т.Мадакеев, тел.+996(312) 623518